USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

# 3-модуль

## Сөз байлыгы

## МАЗМУНУ


1. Киришүү 3

2. Сөз байлыгын өстүрүү 4
   2.1. Сөз байлыгын өстүрүү булактары 5
   2.2. Активдүү сөз байлыгынын тематикалык топтору 6

3. Башталгыч мектепте сөз байлыгын өстүрүүгө таасир этүүчү факторлор 8
   3.1. Үй-бүлөдө баарлашуу тажрыйбасы 8
   3.2. Мектепке чейинки окутуу тажрыйбасы 8
   3.3. Тилдик тажрыйба 9
   3.4. Окурмандык тажрыйба 9
   3.5. Предмет аралык жана сабактан тышкаркы байланыштар 10

4. Сөз байлыгын өстүрүү (толуктоо жана кеңейтүү) ыкмалары 12

5. Иллюстрациялык материалдар менен иштөө 17

6. Сөз байлыгын өстүрүү үчүн маалымдама адабияттарды колдонуу 20
   6.1. Сөздүктөр 20
   6.2. Энциклопедиялар 23

7. Сөз байлыгын баалоо 24

8. Сөз байлыгын өстүрүү жана кеңейтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр 42

9. Пайдаланылган адабияттар 84

10. Тиркемелер 86

# 1. КИРИШҮҮ

Сөз байлыгы окууга үйрөтүүнүн негиздеринин бири болуп эсептелип, сөздөрдүн тизмесин өздөштүрүү менен гана чектелбейт. Сөз байлыгын күнүмдүк баарлашууда, окууда, айлана-чөйрөнү таанып-билүүдө колдонуу абдан маанилүү. Сөздөрдүн маанисин билүү жана сөз байлыгын окуу процессинде колдонуусун бүтүн музыкалык чыгарма жаратууну мүмкүн кылган музыкалык сабаттуулук менен же сүрөт жаратуу үчүн аралаштырылып колдонулган боёктор менен салыштырса болот.

Окууга үйрөтүү жаатындагы көптөгөн изилдөөлөр башталгыч мектепте сөз байлыгын өстүрүү абдан маанилүү роль ойной турганын далилдейт, анткени ал текстти чечмелеп окууга да, окуган текстин түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө да жардам берет. Бир жагынан, түшүнбөгөн сөздөрдү окуу окуучуларга кыйын болот. Экинчи жагынан, тексттеги көпчүлүк сөздөрдүн маанисин билбесе, алар окуганынын маанисин түшүнүшпөйт. Окуучулар окуп жаткан тексттеги негизги сөздөрдү түшүнүүсүн олуттуу түрдө жогорулатса, алардын шар окуусу да, жалпысынан окуган текстти түшүнүүсү да жакшырарын окууга үйрөтүү практикасы көрсөтүүдө.

Окуучулар сөз байлыгынын көпчүлүк бөлүгүн үй-бүлөдө, теңтуштары менен баарлашууда, жалпыга маалымдоо каражаттарынан, интернеттен алышат, күндөлүк жашоосунда үйрөнүшөт.  Бир катар изилдөөлөр  сөз байлыгын өстүрүү үчүн мектепке (7 жашка) чейинки курактагы тажрыйба жана ата-энелер менен баарлашуунун сапаты абдан маанилүү экендигин  ырастайт. Изилдөөлөрдүн натыйжасында мектепке барганда үй-бүлөдө баарлашуусу абдан чектелген балдардын сөз байлыгынын төмөн экендиги белгилүү болгон. Сөз байлыгы ийгиликтүү окуунун эң маанилүү көрсөткүчү болуп саналат. Анын жарды болушу жакшы натыйжага алып келбейт: окуучулар көп сөздөрдү түшүнбөй туруп текстти окууну жакшы жөндөй алышпайт, бул өз учурунда сөз байлыгынын өспөй калышына алып келет.

Ошентип, сөз байлыгынын деңгээли ар түрдүү болгон окуучуларды окууга үйрөтүүдө мугалимдин алдында төмөнкү милдеттер турат:


- окутуу процессине керектүү сөздөрдү түшүнүүнү жолго коюу. Көпчүлүк учурда бул сөздөр күндөлүк турмушта колдонулбайт, бирок окутуу үчүн абдан зор мааниге ээ болот (мисалы, математикада – бөлүнүүчү, бөлүүчү; кыргыз тилинде – зат атооч, этиш ж. б.);
- окуу үчүн материалдардын көп түрдүүлүгүнүн таасири менен «сөзгө бай» (оозеки кепте, окууда жана жазууда) чөйрөнү уюштуруу. Модулда «сөздөрдүн дубалы», сөздөрдүн графикалык уюштургучу ж. б. менен иштер сунушталган;
- жаңы сөздөрдү иликтеп-үйрөнүүнүн гана эмес, аларды ар кандай контекстте колдонуунун да үстүндө иш алып баруу. Окуучулар окуп-үйрөнгөн сөздөрдү кандай учурда колдонууну түшүнүшү керек. О. э. аларды оозеки кебинде да, жазууда да колдоно алышы керек;
- сөздөрдүн маанисин иликтеп-үйрөнүүдө окуучулар колдоно ала турган методдордун жана ыкмалардын тизмесин байытуу (түрдүү сөздүктөр, визуалдаштыруу, топтоштуруу, графикалык уюштуруучулар ж. б.).

Бул модулдун материалдарын өздөштүрүүнүн натыйжасында катышуучулар:
- окуучулар үчүн сөз байлыгынын маанилүү экендигин такташат;
- окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү процессинде кайсы стратегиялар натыйжалуу экенин билишет;
- сөз байлыгын өстүрүү боюнча түрдүү көнүгүүлөр менен таанышышат.

## 2. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ

Сөз байлыгы окуганын түшүнүү үчүн негиз болуп эсептелет. Сөз байлыгы – бул адам маанисин билип, өз кебинде колдонгон сөздөрдүн топтому. Тексттеги ар бир сөздүн маанисин түшүнүү бүтүндөй сүйлөмдүн, абзацтын, тексттин маанисин түшүнүүгө жардам берет. Тексттеги кайсы бир сөз окуучулар үчүн таптакыр түшүнүксүз, жаңы же жазылышы тааныш, бирок мааниси анчалык түшүнүктүү эмес болуп калышы мүмкүн. Сөз тааныш жана түшүнүктүү, бирок окуучулар ал сөздү кебинде жана жазууда колдонбогон жагдайлар да жолугат. Мугалим окуучуларды сөздөр менен иштөөнүн ар кандай стратегияларын колдонууга, көптөгөн маалымат булактарын – сөздүктөрдү, глоссарийлерди, шилтемелерди ж. б. колдонууга, сөздүн маанисин аныктоодо контекст менен кантип иштөө керектигин үйрөтүүсү зарыл. Бирок бардык стратегиялар менен таанышканга чейин окутуу процессинде окуучулардын көңүлүн кайсы сөздөргө бурууну, окуучулардын сөз байлыгы кайсы булактардан толукталарын, аны байытуу кандайча ишке ашарын, тигил же бул сөздөр кантип/качан колдонуларын аныктап алуу маанилүү.

Сөз байлыгы натыйжалуу баарлашууга – угууга, сүйлөөгө, окууга жана жазууга жол ачат.




Башталгыч мектепте окутуу учурунда бардык төрт көндүмдү өнүктүрүүгө көңүл буруу маанилүү.

Сөз байлыгынын эки түрүн айырмалашат:
- **активдүү** сөз байлыгы – оозеки кепте да, жазууда да колдонулуучу сөздөрдүн запасы.
- **пассивдүү** сөз байлыгы – бул окуганда же укканда билген, бирок аларды өз кебинде жана жазуусунда колдонбогон сөздөр. Пассивдүү сөз байлыгы адатта активдүүгө караганда бир нече эсе көп болот.

Окутуу процессинде окуучулардын пассивдүү да, активдүү да сөз байлыктарын өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Сөз байлыгы сөздүн маанисин түшүндүрүүнүн, жаңы сөздөрдү оозеки кеп менен жазууда да колдонуунун натыйжасында өркүндөйт.

## 2.1. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ БУЛАКТАРЫ


Окуучулардын сөз байлыгы түрдүү булактардын эсебинен байыйт, анын ичинде: чоң кишилер жана теңтуштары менен баарлашуу, мектептеги окутуу процесси ж. б.; өз алдынча окуу, чоң кишилердин үн чыгарып окуп берүүсү, биргелешип окуу, медиа аркылуу (фильмдер, музыка, интернет, газеталар, журналдар, социалдык тармактар ж. б.); бай жана ар түрдүү баарлашуу чөйрөсүнүн жана окуунун таасири.



Үй-бүлөдө жана теңтуштары менен баарлашуу



Китептер



Кино жана телекөрсөтүүлөр



Мектеп, класс



Сөз байлыгыбызды кайсы булактардан толуктайбыз?



Мугалимдин кеби



Турмуш-тиричилик жана маданий мекемелер: театр, парк, музей, көргөзмө, дүкөн, базар



Журналдар жана газеталар



Интернет жана социалдык тармактар

## 2.2. АКТИВДҮҮ СӨЗ БАЙЛЫГЫНЫН ТЕМАТИКАЛЫК ТОПТОРУ

Изилдөө маалыматтарына ылайык, башталгыч класстардын окуучулары жыл сайын пассивдүү лексиконун 2 000 сөзгө чейин жана активдүү сөз байлыгын 1 000 сөзгө чейин толукташат. Мында болжол менен жаңы сөздөрдүн жарымы эне тили жана окуу сабагында, экинчи жарымы башка сабактарда, үй-бүлөдө жана достору менен баарлашууда, радионун, телекөрсөтүүнүн таасири менен, өз алдынча окуу процессинде өздөштүрүлөт[1].

Окуучунун активдүү сөз байлыгын түзгөн сөздөрдүн үч тематикалык деңгээли каралат. Деңгээлдер сөздөрдү колдонуу жыштыгына (текстте жана оозеки кепте көп кездешүүчү сөздөр) жана тиешелүү куракта (7, 8, 9, 10 жаш) өздөштүрүлүүчү окуу жана жазуу көндүмдөрүнө ылайык аныкталат. Биринчи деңгээлде күндөлүк турмушта колдонулуучу негизги сөздөр жайгашкан. Экинчи деңгээл – бул окутуу процессинде көп пайдаланылуучу сөздөр, ал эми үчүнчү деңгээл таанып-билүүнүн тиешелүү чөйрөсүнө таандык сөздөрдү камтыйт. (Активдүү сөз байлыгынын тематикалык деңгээлдери боюнча 1-диаграмманы караңыз).

Экинчи жана үчүнчү деңгээлдердин чеги так бөлүнбөй турганына көңүл буруу маанилүү. Сөздөрдү тигил же бул категорияга кошуу окуучунун жеке тажрыйбасына байланыштуу болот.

**1-диаграмма. «Активдүү сөз байлыгынын тематикалык деңгээлдери»**




Таанып-билүүнүн атайын чөйрөсүнө (предметке) тиешелүү сөздөр. Бул сөздөрдүн маанисин билүү тиешелүү предметтерди өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Адатта алар окуу китептеринде гана жолугат. Мисалдар: кыргыз тили – зат атооч, этиш, тактооч; математика – теңдеме, бөлүү, көбөйтүү ж. б.

Окутуу процессинде жана тексттерде көп колдонулган, төмөнкү мүнөздөмөлөргө ээ сөздөр: окуганын түшүнүү үчүн маанилүү, бир нече мааниге ээ, окутуунун түрдүү чөйрөлөрүндө (предметтерде) колдонулат, сыпаттоо, жалпылоо көндүмдөрүн жогорулатат, мугалимдин түз түшүндүрүүсүн талап кылат. Мисалдар: милдет, көнүгүү, көңүл буруу, байланыш ж. б.

Күндөлүк турмушта колдонулуучу сөздөр, алар түз түшүндүрүүнү талап кылбайт, адатта бир мааниге ээ болот. Мисалдар: китеп, бала, ит, апельсин ж. б.

[1] Зикеев А. Г. Работа над лексикой в начальных классах специальных (коррекционных) школ. – М.: Издательский центр «Академия», 2002. – 176-б.

Окууга үйрөтүүдө бардык сөздөр бирдей деңгээлде маанилүү боло бербейт. Окуучулардын көңүлүн кайсы сөзгө топтоону мугалим кантип аныктайт?

Окууга үйрөтүүдө мугалимге окуган текстти түшүнүү үчүн негизги сөздөрдү тандоо сунушталат.

Мугалим «татаал» сөздөргө өзгөчө көңүл буруусу зарыл. Татаал сөздөр төмөнкү мүнөздөмөлөргө ээ болушу мүмкүн:

- окуучулар үчүн чечмелеп окуу оор болот. Мисалы, *катталбачулар*, токмоктуктар (эреже катары, булар көп үнсүз катышкан сөздөр);
- семантикалык жактан түшүнүү үчүн татаал. Мисалы, *чарба, умтулууда, окшоштурууда, изумруд-бирюза түстө* ж. б.;
- морфологиялык түзүмү татаал (түзүлгөн сөздөр). Мисалы, *күңүрт жарык, укмуштуудай, кошуналардыкында, изилдегендердей* ж. б.;
- грамматикалык жактан кыйынчылык менен өздөштүрүлүүчү сөздөр: *айлакер, баластан, калпакчандар, машакчылар, айылдыктар.*

Сөздөрдү таанып-билүүнүн кыйынчылык себебин аныктоо менен, мугалим тигил же бул стратегияны, сөз менен иштөө усулун же ыкмасын тандай алат. Алар «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө берилген.

Сөз байлыгын өстүрүү иштери системалуу түрдө жана ырааттуу өткөрүлүшү зарыл: бул ишке ар бир окуу сабагында 5–10 мүнөт убакыт бөлүп, бир жумада өтүлө турган жаңы сөздөрдүн саны 10дон ашпашы керек.

Окуучулар жаңы сөздөрдү өздөштүрүүдө кыйынчылыкка туш болушу ыктымал. Анын себептери төмөнкүлөр болушу мүмкүн: эстутумундагы көйгөйлөр, сөздөрдүн же колдонулуучу стратегиялардын татаалдыгы, окутуудагы көйгөйлөр, баарлашуунун жетишсиздиги. Жаңы сөздөрдү үйрөнүүдө артта калуу себептерин аныктоого жараша окуучуларга кошумча колдоо жана айрым учурларда атайын билим берүү кызматтары талап кылынат.

# 3. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮГӨ ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ФАКТОРЛОР

## 3.1. ҮЙ-БҮЛӨДӨ БААРЛАШУУ ТАЖРЫЙБАСЫ

Сөз байлыгын өстүрүүдө үй-бүлөдө баарлашуу тажрыйбасы зор мааниге ээ болот. Айрым балдардын социалдык жана кептик байланышы чектелген, алар менен аз баарлашышат. Үй-бүлөдө жана үйдө сүйлөшкөн тил мектепте окутуу тилинен айырмаланышы да мүмкүн. Дана Саскинд көп жылдык изилдөө өткөрүү менен, «Балдар акылдуу болуп төрөлүшпөйт, алар ата-энесинин – аларды курчаган кебинин натыйжасында акылдуу болуп чоңоюшат» деген жыйынтыкка келген[1]. Ал балдардын өмүрүнүн алгачкы жылдарындагы баарлашуу же анын жетишсиздиги баланын окуусунун келечектеги жолун (траекториясын) аныктайт, анын келечектеги жүрүм-турумуна жана ден соолугуна таасир этерин ырастайт. Балдар менен ата-энелер канчалык көп жана сапаттуу баарлашса, бала келечекте ошончолук ийгиликтүү болот.



## 3.2. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ОКУТУУ ТАЖРЫЙБАСЫ

Сөз байлыгынын дээрлик бөлүгү мектепке чейинки жана башталгыч мектеп курагында калыптанат. «Курагына жараша баланын болжолдуу сөз байлыгы» диаграммасында көрсөтүлгөндөй, үч жашка чейинки куракта бала жаңы сөздөрдү жайыраак өздөштүрөт, жалпысынан 1 000 сөзгө жетет. Биринчи класска барган учурда баланын сөз байлыгы болжол менен 3 500 сөздү түзөт. Башталгыч мектепте окутуу процессинде сөз байлыгы 5 000ден (активдүү сөздөр) 10 000ге (пассивдүү сөздөр) чейинки сөздү түзөт.

---

[1] Саскинд Д. Тридцать миллионов слов. Развиваем мозг малыша, просто беседуя с ним. – М.: Манн, Иванов и Фарбер, 2016.

**2-диаграмма. «Курагына жараша баланын болжолдуу сөз байлыгы»**

| Баланын курагы | Сөздөрдүн саны |
|---|---|
| 1 жаш | 5–9 сөз |
| 1,5 жаш | 20–40 сөз |
| 2 жаш | 50–200 сөз |
| 3 жаш | 800–1 000 сөз |
| 3,5 жаш | 1 100 сөз |
| 4 жаш | 1 600–1 900 сөз |
| 5 жаш | 1 900–2 200 сөз |
| 6–7 жаш | 3 500 сөз |
| 7–10 жаш | 5 000ден 10 000 сөзгө чейин |



Окуучулардын сөз байлыгынын көлөму менен иштөөдө мугалимге көпчүлүк учурда окуучулардын билиминин жана тажрыйбасынын деңгээлине жараша иш алып барууга туура келет. Мектепке чейинки даярдоо программаларын өздөштүргөн жана шар окуй алган балдар бар (мисалы, мектепке даярдоо боюнча бир жылдык «Наристе» программасы), ошол эле учурда айрым окуучулардын мектепке чейинки мекемеге же мектепке даярдоо программасына барууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

Мугалимдин окуучулардын сөз байлыгынын диагностикасын өткөрүүсү маанилүү, бул окууга үйрөтүү усулдарын жана ыкмаларын аныктоого гана эмес, окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү үчүн ылайыктуу тексттерди тандап алууга да жардам берет.

## 3.3. ТИЛДИК ТАЖРЫЙБА

Окутуу учурунда айрым балдардын окутуу тили үй-бүлөдө сүйлөшкөн эне тили болбошу мүмкүн экенин эске алуу керек. Мындай учурларда окутуу тилинде сөз байлыгынын чектелгендиги, сөздү бурмалап айтуу байкалышы мүмкүн: айрым тыбыштар башкасына алмаштырылат, сөздүн башы же аягы айтылбайт, айрым сөздөр болжолдуу контурга гана ээ болот. Мунун баары сөздү туура эмес түшүнүүгө жана туура эмес колдонууга алып келет. Учурдагы изилдөөлөр окутуу усулдарын жана ыкмаларын, сөздүктү түзүү жана активдештирүү үчүн түзүлгөн шарттарды туура колдонуу бул кейгейлөрдү чечүү жолу экендигин көрсөтүүдө. Эне тилинен башка тилде окуган балдардын тобу менен иштөөдө мугалим жайыраак сүйлөп, балдарга алган маалыматты кайра иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн түзүп, берилген суроолорду түшүнүп, жообун туюндуруу үчүн убакытты көп чектебеши керек.

## 3.4. ОКУРМАНДЫК ТАЖРЫЙБА

Г. Дж. Уйатхерст жана анын кесиптештери баланын кебинин өсүүсү үчүн курчап турган чөйрөнүн маанилүүлүгүн далилдөө боюнча изилдөө жүргүзгөн. Анда ата-энеси диалогдук окууну колдонуу менен, сүрөттүү китептерди окуп берген балдардын сөз байлыгы көзөмөл топтогу балдарга караганда олуттуу түрдө өскөнүн көрсөткөн[1]. Бул изилдөөдө

[1] Whitehurst G. J., Falco F. L., Lonigan C. J., Fischel J. E., DeBaryshe B. D., Valdez-Menchaca M. C., et al. (1988). Accelerating language development through picture book reading. Developmental Psychology, 24, 552–559.

балдарына китеп окуп берүү усулдарын өздөштүргөн ата-энелер төрт жума бою күн сайын үн чыгарып окуп беришкен, ошондой эле окуу процессинде талкуулоо да колдонулган. Андан ары сөз байлыгынын көлөмүнө карата тест алынгандан кийин атайын топтордогу балдардын сөз байлыгынын өсүүсү көзөмөл топторундагы балдардан сегиз жарым айга алдыга кеткени аныкталган. Мындан сырткары, бул алдыга кетүүнү алар кийинки жылдарда да сактап калышкан[1]. Кийинки көптөгөн изилдөөлөр үйдө китептин болушу, аларды окуп талкуулоо баланын сөз байлыгынын байышына көмөкчү болорун тастыктаган.

Бул факт чоң кишилер балдар менен баарлашууда жаңы сөздөрдү тиешелүү деңгээлде колдонбой тургандыгы, ошол эле учурда китепте – жакшы жазылган текстте, эреже катары, көптөгөн ар түрдүү жаңы сөздөр болору менен тастыкталат.

Ошентип, окуучунун лексиконунда жаңы сөздөрдүн пайда болушуна, көпчүлүк учурда, китеп окуу олуттуу таасирин тийгизет. Сөздү пассивдүүдөн активдүү запаска өткөрүүгө жаңы сөздөрдү колдонуу менен оозеки кайра айтып берүү жардам берет. Китепти көп окуу менен, окуучулардын сабаттуулугу артат, анткени сөздөрдүн туура жазылышын жана сүйлөмдө колдонулушун (атайы жаттап отурбастан) окуп жатып эстеп калат. Сүйлөшүүдө орунсуз колдонулуп жүргөн сөздөр («анан», «бул», «ошол», «эми» ж. б.) жоголот, ошентип, окуучунун кеби өсөт. Окуу өз оюн топтоого, тактоого жана башкалардын айтканынын маанисин түшүнүүгө үйрөтөт.

## 3.5. ПРЕДМЕТ АРАЛЫК ЖАНА САБАКТАН ТЫШКАРКЫ БАЙЛАНЫШТАР

Башталгыч мектепте (1–4-класс) окуучулар бир катар предметтерди окуп үйрөнүшөт, алардын ичинде тилдер (кыргыз, орус, чет тилдер), математика, Мекен таануу, адеп, музыка, көркөм өнөр, дене тарбиясы. Балдар үчүн көптөгөн предметтер жаңы, алардын айрымдарынын негиздерин балдар мектепке чейинки даярдоо мезгилинде окуп үйрөнүшкөн. Башталгыч мектептин предметтери боюнча азыркы программа кенже окуучулардын кебин өстүрүүгө да, сөз байлыгын кеңейтүүгө да жогорку талаптарды коёт. Ошондуктан башталгыч мектепте окуу учурунда бала өмүрүндөгү сөздөрдүн эң көбүн үйрөнөт.

Окуучулардын сөз байлыгын активдүү кеңейтүү көп окуп, текст аркылуу жаңы сөздөрдү билүүгө туура келген предметтерде гана эмес, башка предметтерде да ишке ашат. Мисалы, математика (мисалдардын шарттарын, тапшырмаларды окуу) же Мекен таануу (жыл мезгилдерин окуп үйрөнүү, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, жаратылышты сыпаттоо боюнча окуу китептеги тексттер). Музыка сабагында окуучулар ыр, марш, фольклор, гимн, хор, симфония эмне экенин, түрдүү музыкалык аспаптардын аттарын, ноталык сабаттуулукту жана башка музыка менен байланышкан сөздөрдү үйрөнүшөт.

Ошондуктан бардык окуу предметтеринде мугалимдин окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүү боюнча ишти туура уюштурууга көңүл буруусу абдан маанилүү, алар: жаңы сөздөрдү жеткиликтүү, жөнөкөй жана түшүнүктүү аныктоодон баштап, балдар негизги маанисин түшүнгөндөн кийин ал сөздөрдү колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү.

Сөз байлыгын кеңейтүүдө класстан тышкаркы окуу чоң мааниге ээ жана балдарды өз алдынча окууга даярдоонун милдеттүү бөлүгү болуп саналат. Класстан тышкаркы окуунун максаты – окуучуларды учурдагы кенже курактагы окуучунун окуу чөйрөсүнө кирген балдар адабияты менен тааныштыруу, китепке болгон кызыгуусун, алар менен иштөө көндүмдөрүн, өз алдынча окууга карата оң мамилени калыптандыруу.

[1] Буг Дж. Рождённый читать. Как подружить ребёнка с книгой. – М.: Альпина нон-фикшн, 2015. – 302-б.

Сабактан тышкаркы убакта китеп окуу менен, окуучулар окуганы боюнча күндөлүк, сөздүк ишин жүргүзүшү мүмкүн. Аны менен катар төмөнкү ишмердиктерди аткара алышат:

– тааныш эмес сөздөрдү жазып алуу жана иллюстрациялоо;
– жаңы сөздөрдү түшүндүрүү аркылуу окуганын талкуулоо;
– таасирлүү, кызыгууну жараткан кеп түрмөктөрүн көчүрүп жазуу, алардын тексттеги маанисин түшүндүрүп берүү;
– тааныш эмес, оор сөздөрдү, сөз айкаштарын көчүрүп жазуу жана талдоо;
– жаңы сөздөрдү пайдалануу менен, өз окуясын жазуу ж. б.

Балдар жаңы сөздөрдү көчүрүп жазып, аларды «сөздөрдүн дубалына» илип коё алышат («Сөз дубалы» көнүгүүсүн караңыз) же мугалим уюштурган башка ыкмаларды колдоно алышат. Окутуу процессинде сөздүк ишин алып барууну уюштуруу методдорунун көп болуусу маанилүү: жаңы сөздөрдүн маанисин аныктоо, алар менен сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзүү; чыгармачылык менен иштөө: аңгеме жаратуу, сүрөт тартуу, сахналаштыруу.

## 4. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ (ТОЛУКТОО ЖАНА КЕҢЕЙТҮҮ) ЫКМАЛАРЫ

Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иш үзгүлтүксүз жана ырааттуу жүргүзүлүшү керек. Окуу сабагында сөздүк иши үчүн атайын баскыч дайыма эле бөлүнө бербейт, бирок ишмердиктин бардык түрлөрү аны менен тыгыз байланышта болот. Мугалим окуучулар билбеген бардык сөздөр үчүн конкреттүү көрсөтмөлөрдү сунуштай албайт. Инсанга багытталган окутуу шарттарында ал окуучуларды өзүнүн сөз байлыгын байытуунун үстүндө иштөөгө үйрөтүшү керек. Бул баланын бүтүндөй окутуу процессинде ийгиликтүү болушуна жардам берет.

Төмөндө окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча негизги ыкмалар берилди.

**Сөз байлыгын өстүрүү боюнча ыкмалар**

**Сөздүн маанисин мугалимдин түшүндүрүүсү**

Сөздүн маанисин төмөнкү учурларда түшүндүрсө болот:

**1. Тааныш сөздүн жаңы маанисин үйрөнүү.**

Окуучу сөздү оозеки кебинде жана окууда колдонот, бирок мугалимдин жардамы менен сөздүн жаңы маанисин өздөштүрөт.

Мисалы, окуучу *«жар»* деген сөздү «аң, чуңкур» же «отунду балта менен майдалоо» маанисинде билсе, мектепте окуп жатып, ал сөздүн «дос, колдоочу, жубай, билдирүү» маанилерин дагы үйрөнүүсү мүмкүн.

**2. Тааныш түшүнүктү билдирген жаңы сөздүн мааниси менен таанышуу.**

Окуучу түшүнүк менен жакшы тааныш, бирок бул түшүнүктү мүнөздөгөн кайсы бир конкреттүү сөздү билчү эмес. Мисалы, окуучунун топ да, глобус да көңдөй шар экендиги тууралуу түшүнүгү болуп, Мекен таануу сабагында алар *«сферанын»* мисалдары экенин үйрөнөт.

**3. Тааныш эмес түшүнүктү билдирген жаңы сөздүн мааниси менен таанышуу.**

Окуучу сөз менен да, сөз түшүндүргөн түшүнүк менен да тааныш эмес.

Мисалы, окуучу «фотосинтез» деген сөздү өмүрүндө кездештирген эмес жана бул эмне экендиги тууралуу түшүнүгү да жок.

**4. Тааныш сөздүн маанисин тактоо жана кеңейтүү.**

Окуучу өзү колдонгон сөздөрдүн ортосундагы абдан кылдат айырмачылыктарды тактайт. Мисалы, окуучу төмөнкү сөздөрдүн

ортосундагы айырманы аңдап түшүнүп баштайт: *«жаан жаайт», «жаан себелеп жаайт», «жаан нөшөрлөп жаайт-«ак» жаанга айланат.*

«Сөздүн графикалык уюштургучу», «Сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү» 1 жана 2, «Сөздөрдүн дубалы» көнүгүүлөрү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

**Маалымдама адабиятын пайдалануу**

Окуучулар сөздөрдүн маанисин туура түшүнүү үчүн шилтемелерди, сөздүктөрдү жана маалымдама адабияттарды пайдаланууга үйрөнүшү керек. Сөздүктөрдө сөздөрдүн лексикалык маанилерин түшүндүрүүнүн ар кандай ыкмалары колдонулат. Сөздөрдүн мааниси контексттеги мисалдар менен берилет.

**Мисал**

Мугалим класста текстти окуйт жана көпчүлүк балдар маанилүү бир сөздүн маанисин түшүнүшпөй тургандыгын көрөт: *«Бул ат ага абдан жакты»*. Мында мугалим бул сөздүн сөздүктө көрсөтүлгөн бир нече маанисин келтирет: *ат адамдын ысымы, ат жылкы жана мылтыктан атуу, жаа атуу.* Балдар тексттин маанисине туура келген вариантын тандашат.

Тандоонун тууралыгын аныктоо үчүн балдар тандаган вариант сүйлөмгө коюлуп, айтылат: *«Бул жылка ага абдан жакты»*.

Бул ыкма тууралуу «Сөз байлыгын өстүрүү үчүн маалымдама адабияттарды колдонуу» бөлүмүнөн кеңири табууга болот.

**Сөз жасоо жолдорун эске алуу**

Сөздөр маанилүү бөлүктөрдөн турат, алар морфема деп аталат: уңгу жана мүчө.

Сөздүн маани берүүчү бөлүгү – уңгу. Мүчөлөр: сөз жасоочу мүчөлөр (комузчу, шаардык, дарыгер, Кыргызстан ж. б.), сөз өзгөртүүчү мүчөлөр (комузду, шаарда, дарыгердин, кыргыздар ж. б.).

**Мисал**

Мугалим окуучуларга «*сулуу»* деген сөздүн маанисин кароону сунуштайт жана бул сөз менен байланышкан сөздөрдү атоону суранат: *сулуулук, сулууча, сулуула, сулуулар, супсулуу*. Балдар айткан бардык сөздөр доскага жазылгандан кийин мугалим ар бир сөздүн маанисин/түшүнүктү жана анын *«сулуу»* деген сөз менен байланышын түшүндүрүүнү суранат.

«Сөздүн уңгусу» көнүгүүсүн «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүнөн караңыз.

**Контекстти (багыттама жардамды) пайдалануу**

Тексттин контексти белгисиз сөздүн, фразанын же сүйлөмдүн маанисин аныктоого жардам берет. Контексттеги ачкычтарга аныктамалар, мисалдар, сыпаттоолор кирет. Окуучулар көпчүлүк сөздөрдүн маанисин кыйыр түрдө же контекстке ылайык аныктап үйрөнгөндүкөн, алардын контексттеги багыттама жардамды натыйжалуу колдонууга үйрөнүшү маанилүү.

**Мисал**

Айылдын четинде чоң чынар турат (бул сөздү бардык эле балдар биле бербейт). Көп жылдардан бери чарчаган жолоочулар анын көлөкөсүндө эс алышат (чынардын дарак экендигин аныктоо үчүн багыттама жардам анын көлөкөсүнүн болгондугу болуп саналат).

«Көмөкчү сүрөт», «Контекст менен иштөө» көнүгүүлөрү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

**Окутууда көп кайталануучу сөздөр**

Башталгыч класстардын окуучулары «илим» жана «илимпоз» деген сөздөрдү тез-тез кездештиришет, мисалы, белгилүү жазуучулардын өмүр баянын үйрөнүүдө же алардын чыгармаларында *(«…Короочу музыкалык мектепке өтпөй калды да… ата-энесине «илимпоз» болом деп ыйлап кирди» К. Акматовдуку боюнча, Адабий окуу, 3-класс. Түзүүчүлөр – Б. Абдухамидова ж. б. – Б.: «Принт Экспресс», 2016)*. Мугалим «илим» жана «илимпоз» деген сөздөрдү окуу китебинен баса белгилеп, класстан тышкаркы окуу боюнча китептерден мисал келтирет, ошондой эле окуучулардан бул сөздөрдүн башка учурларда – басма сөздө (газеталарда, журналдарда), музейлерде, телешоуларда, фильмдерде же интернетте кездешкен учурларын эстеп көрүүнү суранат.

**Сөздөрдү топтоштуруу**

Сөз байлыгын өнүктүрүү үчүн натыйжалуу ыкма лексикалык маанисинин окшоштугу боюнча сөздөрдү категорияларга бөлүү / топтоштуруу көнүгүүлөрүн колдонуу болуп саналат. Мындай мамиле сөздү терең түшүнүүгө, мааниси окшош сөздөрдүн ортосундагы өз ара байланыштарды кененирээк түшүнүүгө, кошумча маанилерин айырмалоого жана элестетүүнү, кыялданууну колдонууга шарт түзөт.

**Мисал**

Бул сөздөрдү мааниси боюнча эки тик катарга топтоштургула.

*Чуркоо, тез кыймылдоо, эсепти сүйгөн, чуркап жөнөдү, чуркап келди, аяр, үнөмдүү, чарбачыл, камдуу, ысырапкор эмес.*

«Синонимдер», «Кичинеден чоңго» көнүгүүлөрү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

**Бир нече мааниге ээ болгон сөздөр (омонимдер)**

Бир нече мааниге ээ болгон сөздөр (омонимдер) окуучулар үчүн өзгөчө кыйын, анткени башталгыч класстардын окуучулары үчүн контекстке жараша бир сөздүн көптөгөн маанилерин табуу дайыма эле оңойго турбайт. Балдар сөздүктөн бир нече маанини таба алышат, бирок тексттин контекстине туура келген маанисин аныктоодо кыйынчылык жаралышы мүмкүн. Ошондуктан мугалим окуучулардын керектүү маанини аныктоосуна жардам берүүсү керек.

Мисалы: *ак* төмөнкүлөр болушу мүмкүн:
а) түс;
б) сүт азыктары;
в) таза.

Же *курал* деген сөз
а) аскер куралы;
б) бир нерсени аткаруу үчүн курал (бул ишти аткаруу үчүн эң жакшы курал).

**Синонимдер, антонимдер**

Сөздүк менен иш алып баруунун багыттарынын бири антонимдерди жана синонимдерди колдонуу болуп саналат. Сөз тексттен туура кабыл алынышы, бардык кошумча маанилери менен түшүнүктүү болушу, активдүү сөздүккө кирип, керектүү кырдаалда өз алдынча колдонулушу зарыл.

Синонимдер менен иштөө кенже курактагы окуучулардын сөздөрдүн лексикалык маанисин аңдап түшүнүүсүнө, кепте кайталоону болтурбоо үчүн чыгармачыл оозеки жана жазуу иштерин аткарууда сөздү так колдоно билүүсүн калыптандырууга багытталат. Синонимдерди колдонуу боюнча көнүгүүлөр ар түрдүү.

### Мисалдар

1. Мааниси окшош сөздөрдү танда. Бул сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз.

Душман – каршылаш, бири-бирине өч.
Кайгыруу – көңүл чөгүү, маанайы түшүү.

2. Мааниси окшош сөздөрдүн бирин танда.

Быйыл (ысык, аптаптуу, мээ кайнаткан, дем болгон) жай келди. Токой (жанданды, ойгонду, түсүнө келди). Алдыда көйкөлгөн эгин талаасы, (көгүлтүр, мелжиген) асман.

Антонимдер менен иштөө буюмдарды, кубулуштарды, жүрүм-турумду салыштырууга, бири-бирине каршы коюуга, жыйынтык чыгарууга үйрөтөт.

### Мисалдар

1. Макалдарды окуп, мааниси боюнча карама-каршы болгон сөздөрдү тап. Макалдын маанисин түшүндүр.

Ачуу – душман, акыл – дос.
Аз сүйлөп, көп ук.
Душман сүйдүрүп айтат, дос күйдүрүп айтат.

2. Түшүп калган сөздү ордуна кой.

Акылдуу эл камын ойлойт, акылсыз (жакындарын, досторун, байлыгын, өз камын) ойлойт.

Жаш келсе – ишке, кары келсе – (түшкү тамакка, конокко, ашка).

3. Дилбаянда эки кубулушту салыштыр: «Кышкы токой жана күзгү токой».

«Кичинеден чоңго», «Синонимдер» көнүгүүлөрү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

**Фразеологиялык сөздөрдү иликтеп-үйрөнүү**

Фразеологиялык сөздөрдү окуп-үйрөнүү сөз байлыгын кеңейтүүгө; окуучулардын кебин өстүрүүгө; таанып-билүү ишмердигин активдештирүүгө; кебинде фразеологиялык түрмөктөрдү колдонууга үйрөтүү үчүн жардам берет.

Фразеологизм же фразеологиялык түрмөк – тилдеги сөздөр сыяктуу эле мурдатан даяр түрдө колдонулуп келе жаткан, курамы боюнча туруктуу, мааниси боюнча бүтүн сөз айкашы же сүйлөм.

Бардык фразеологизмдер алгач конкреттүү окуяларды, кубулуштарды, фактыларды билдирүү үчүн колдонулган. Акырындык менен түрдүү себептерден улам биринчи маанисине бир жагынан окшош, бирок башка нерсени билдирүү үчүн кыйыр түрдө колдонула баштаган. Бул фразеологизмдерге өзгөчө образдуулукту жана көркөмдүктү берип турат.

**Мисалдар**

Сыртка чыксам караңгы экен. Сыртка чыксам көзгө сайса көрүнгүс экен.

Ийгилигиңди угуп, абдан кубандым. Ийгилигиңди угуп, төбөм көккө жетти.

Кийин түшүнүп, өкүнүп калдым. Кийин түшүнүп, бармагымды тиштеп калдым.

Фразеологиялык түрмөктөр – бул грамматиканын бөлүмдөрүн бекемдөө, сөз байлыгын кеңейтүү жана окуучулардын кебин өстүрүү үчүн эң сонун материал. Фразеологизмдердин келип чыгышын (этимологиясын) билүү окуучулардын үйрөнүлүп жаткан предметке карата таанып билүү кызыгуусун жогорулатат жана кругозорун кеңейтет.

Фразеологияны окутуу балдарды фразеологизмдерди уккан-га, аларды тексттен көрө билип, түшүнүүгө гана эмес, аларды активдүү, стилистикалык жактан өзүн актаган түрдө кебинде, күндөлүк баарлашуусунда колдонууга үйрөтүшү керек.

«Фразеологизмдер менен иштөө» көнүгүүсү «Сөз байлыгын өстүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө.

## 5. ИЛЛЮСТРАЦИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАР МЕНЕН ИШТӨӨ

Башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүү үчүн тексттик материал менен иштөөдөн сырткары пассивдүү сөз байлыгын активдештирүүгө жардам берүү үчүн сүрөт-китептерди кароо сунушталат. Алардын сүрөттөрү боюнча кызыктуу окуяларды айтып берүүгө болот. Учурда мындай китептерди Кыргызстанда да табууга болот. Бул сүрөттөрдөн гана турган китеп, ал «виммельбух» деп аталат. Ыңгайлуулук үчүн мындан ары бул китептерди виммельбух деп атайбыз.



Ротраут Сузанна Бернердин «Жыл мезгилдери» виммельбух-китебинен алынган сүрөттөр.

Бул китептер, эреже катары, калың картонго басылган анча көп эмес – 7–10 бүктөмгө ээ. «Классикалык» виммельбух жетиштүү деңгээлде чоң, А2 форматта болот, бирок анын кичинекей варианттары да бар. Китептин ар бир сүрөтүндө терең ойлонулган образдар болот, мейкиндикти толук ээлеген, кылдат тартылган майда бөлүктөр (деталдар) виммельбухтун өзгөчө, айырмаланып турган атмосферасын жаратат. Беттеги деталдардын саны абдан көп, сүрөтчү андагы мейкиндиктин дээрлик ар бир сантиметрин бош калырбай кылдат пайдаланган. Улам кийинки бетти ачып жатып, өз ара жаңы байланыштарды, турмуштук кырдаалдарды табууга, каармандардын адаттарын көрүүгө, окуяны салыштырууга жана анын өнүгүшүн болжолдоого, жаңы сөздөр, түшүнүктөр, өз ара байланыштар менен таанышууга болот – мунун баары өзүнө тартып турган, дароо жаралуучу кызыктуу окуялар түрүндө болот. Виммельбух менен активдүү иштөө эстутумду, көңүл бурууну машыктырат, сөз байлыгын өстүрөт, кругозорду, себеп-натыйжа байланышын таба билүүнү жакшыртат.

Окуу сабактары учурунда окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү максатында мугалим китепте кандай каармандар жана буюмдар чагылдырылганын айтууну сурана алат.

Wimmelbuch («окуяга, сүрөткө бай, жыбыраган китеп») түзүү тарыхынын тамыры Германияга карай кетет. Анын түпкү атасы катары сүрөтчү Али Митгушту эсептешет, ал кырк жылдай мурда биринчи сүрөт-китепти тарткан, анда ал XVII кылымдагы немец граверлорунун унутулуп калган ыкмасын колдонгон. Анын мааниси – сүрөттөрдү карап жатканда, алар кандай жайгашканына карабастан, бардык фигуралар тегиз (бирдей) көрүнгөнүндө. Бул жанр абдан тездик менен балдарды да, чоң адамдарды да кызыктырып, аз эле жылда миллиондогон аудиторияга ээ болду[1].

Андан кийин окуучулар сүрөттө болуп жаткан каармандардын бардык аракеттерин (этиштерди) аныкташат – «чуркап баратат», «көтөрүп баратат», «ыргытып жатат» ж. б. Андан ары бир аз татаалырак милдет коюлат – ар бир каармандын ымдоолорун, жан-дүйнөсүнүн абалын, эмоциясын аныктоо: кубаныч, суроо берүү, коркуу, таң калуу ж. б. Иштин кийинки баскычы буюмдардын, каармандардын, кубулуштардын ортосундагы өз ара байланышты аныктоо болуп саналат. Көпчүлүк учурда мындай китептерде жыл мезгилдеринин, күн менен түндүн алмашуусу, күн тартиби же окуялар тууралуу айтылат. Иштин жыйынтыктоочу баскычы катары автордун окуясын айтып берүү же өзүнүн окуясын ойлоп табуу тапшырмасы сунушталат.

Долбоордун алкагында окуу сабактарында сөз байлыгын өстүрүү боюнча иш алып барууда көмөкчү материал катары **тематикалык постерлердин** топтому иштелип чыгат.




[1] Виммельбух: гениальная книга или выброшенные на ветер деньги? ЭСО ВООМдун сайты // http://eco-boom.com/vimmelbuh-genialnaya-kniga-ili-vybroshennye-na-veter-dengi/

Ар бир тематикалык постер окуучулардын иштөөсү – сыпаттоо, талкуулоо, ой жүгүртүү үчүн сунушталган темалардын бирине арналат. А 2 форматындагы түстүү постерлерде окуучулар тартылган сүрөттүн майда бөлүктөрүнө чейин көрө алышат.

Тематикалык постерлер окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча абдан натыйжалуу курал болуп саналат. Постерлерде тиешелүү тема боюнча сөздөрдүн топтому болот, аларды талкуулоо окуучулардын логикалык ой жүгүртө билүүсүн өнүктүрүүгө шарт түзөт. Постерлер менен иштөө жаңы сөздөр менен таанышууга, аларды өз кебинде колдоно билүүгө үйрөтөт, ошентип сөз байлыгын тереңдетет. Постерлер дайыма башталгыч класстардын окуучулары үчүн кызыктуу болот: сүрөттөгү каармандарды, иш-аракеттерди жана окуяларды, окуя болуп жаткан жерди, кошумча бөлүктөрдү кароо жана талкуулоо алар үчүн кызыктуу.

### Тематикалык постерлерди колдонуу ыкмалары

– **Баяндоо.** Мугалим окуучуларга тематикалык постерди көрсөтүп, окуучуларга көргөндөрүн баяндоону сунуштайт.

– **Издөө.** Мугалим окуучуларга сөздөрдүн жана сөз айкаштардын топтомун сунуштоо менен, тиешелүү сүрөттөөлөрдү табууну жана өзү тандаган сөздөрдү түшүндүрүп берүүнү суранат. Же, тескерисинче, мугалим окуучулардын көңүлүн картинадагы бөлүктөргө/сүрөттөөлөргө бурат жана аларга тиешелүү ат берүүнү суранат.

– **Салыштыруу.** Мугалим окуучуларга сүрөттөрдү (каармандарды, аларды сыпаттоону, аракеттерин ж. б.) салыштырууну, жалпы мүнөздөмөлөрүн табууну, алардын ортосундагы себеп-натыйжа байланыштарын аныктоону ж. б. сунуштайт; сөздөр менен иштөө үчүн мугалим окуучулардан постердеги айрым сүрөттөрдүн аталыштарына карата синонимдерди же антонимдерди табууну сурана алат.

– **Суроо түзүү.** Мугалим окуучуларга тематикалык постерге карата суроолорду түзүүнү жана коюлган суроолорго жооп берүүнү сунуштайт.

– **Сахналаштыруу.** Мугалим окуучуларга постерде чагылдырылган каармандарды сүйлөтүүнү же каармандардын атынан аңгеме түзүүнү сунуштайт.

– **Үн чыгарып ой жүгүртүү.** Мугалим окуучуларга постерде берилген тема боюнча өздөрүнүн тажрыйбасы тууралуу айтып берүүнү сунуштайт.

– **Божомолдоо.** Мугалим постердеги сүрөттөрдүн бөлүгүн жаап коюп, ал бөлүктө эмне чагылдырылышы мүмкүн экендигин сурай алат. Окуучулар постердеги багыттама-жардамдарды колдонуп, өздөрүнүн жоопторун түшүндүрүү менен, ал жерде эмне болушу мүмкүн экендигин болжолдошот.



Көнүгүүлөр ар түрдүү жана кызыктуу болушу мүмкүн: окуучулардын жаңы сөздөр менен гана таанышпастан, аларды оозеки жоопторунда колдонуусу, андан кийин түрдүү контексттерде: өз ара баарлашууда же окутууда (мисалы, жазуу тапшырмаларында) колдонуусу маанилүү.

# 6. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ ҮЧҮН МААЛЫМДАМА АДАБИЯТТАРДЫ КОЛДОНУУ

## 6.1. СӨЗДҮКТӨР

Башталгыч класстардын окуучуларынын оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүүдөгү маанилүү багыттардын бири сөздүк менен иштөө болуп саналат. Сөздүктөрдүн жардамы менен окуучуларга өзүнүн сөз байлыгын арттырууга, аны тактап, активдештирүүгө, тааныш эмес сөздөрдүн лексикалык маанилери менен таанышууга, грамматикалык формаларды, тилдин ченемдерин өздөштүрүүгө, ошондой эле сөздөрдү (орфоэпиялык жактан) туура айтууга, сөздөрдүн басымын туура коюуга үйрөтүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Сөздүктөрдү пайдалана билүү окуучуларга мектепте ийгиликтүү болууга жана андан кийинки турмушунда тил боюнча өз билимин толуктоого, баарлашууда, китеп жана мезгилдүү басма сөздү окууда, ошондой эле радио угууда жана теле берүүлөрдү көрүүдө лексикалык кыйынчылыктарды жеңүүгө мүмкүнчүлүк берет.

> Сөздүк – белгилүү принцип боюнча (мисалы, алфавит боюнча) жайгашкан сөздөрдүн тизмегин камтыган, түшүндүрмөсү же башка тилге котормосу бар китеп.

Сөздүк менен иштөөнү сабактын конкреттүү максаттарына жана милдеттерине жараша бөлүк-бөлүк менен эмес, башталгыч мектепте биринчи класстан баштап төртүнчү классты аяктагыча системалуу жүргүзүү максатка ылайык келет. Көпчүлүк учурда сөздүк менен иштөө окуучулардын түшүндүрмө сөздүктү колдонуусуна келип такалат, бирок 1-класстан баштап 4-классты бүткөнгө чейин окуучулардын ар түрдүү сөздүктөр менен таанышуусу пайдалуу болуп саналат, алар: *фразеологиялык сөздүк, синонимдер сөздүгү, чет элдик сөздөрдүн сөздүгү, этимологиялык сөздүк, энциклопедиялык сөздүк* ж. б. Сөздүктөр класста дайыма турганы жана балдардын аларды сабакта гана эмес, сабактан тышкаркы ишмердикте да эркин колдоно алганы жакшы.

Сөздүктөр менен натыйжалуу иштөөнү уюштуруу үчүн төмөнкү методикалык принциптерге таянуу керек болот:

- **Сөздүк менен иштөө көндүмдөрүн акырындык менен калыптандыруу.** Сөздүк, анын түзүлүшү, андагы сөздөрдүн жайгашуу принциптери, жардамчы-белгилер менен баскыч боюнча таанышууну билдирет.
- **Сабактарда системалуу колдонуу.** Башталгыч мектепте окууда ар кандай иштин түрлөрү үчүн жумасына 3–4 сабакта сөздүктөр менен (сабакта 10 мүнөттөн) иштөө:

  а) жамааттык жана жекече;

  б) репродуктивдүү жана чыгармачыл;

  в) оозеки жана жазуу түрүндө.
- **Кенже окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу.** Натыйжага жетүү үчүн кенже окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн, кызыкчылыктарын эске алуу зарыл. Окуучулар үчүн кызыктуу тапшырмаларды жана көнүгүүлөрдү колдонуу аркылуу гана сөздүк менен туруктуу иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга болот. К. Д. Ушинский кызыктыруучу тапшырмаларды экиге бөлүп: формасы боюнча кызыктыруучу тапшырмаларга ребус, кроссворд, лакап, табышмак,

кыска ырларды киргизген. Ал эми мазмуну боюнча кызыктыруучу тапшырмаларга балдар адабиятынан, элдик оозеки чыгармалардан алынган тапшырмаларды киргизген. Мындай тапшырмалардын бири окуучулардын сөздүктөрдү түзүүсү боюнча тапшырма болуп саналат.


**Окуучулардын сөздүктөрүнөн мисалдар**

### Сөздүктүн мазмуну жана формасы

| Сөз | Сөздүн мааниси | Сүрөт |
|---|---|---|
| Сонун | Абдан жакшы,<br>Келишкен | Аба ырайы сонун<br> |
| Аска | Бийик зоо (тоо) | Аска<br> |

| Сөз | Сөздүн мааниси | Синонимдер | Антонимдер |
|---|---|---|---|
| Зор | Өлчөмү боюнча өтө чоң | Абдан чоң<br>Чоң<br>Улуу<br>Килтейген | Кичинекей<br>Кенедей<br>Чоң эмес<br>Кыбыраган |
| Саксайган | Үрпөйгөн<br>Жүдөгөн<br>Үксөйгөн | Кебетеси кеткен<br>Тыкан эмес<br>Таралбаган | Таралган<br>Иретке келтирилген<br>Тыкан |

| Сөз | Сөздүн мааниси | Сөздөрдө жана сүйлөмдөрдө колдонуу |
|---|---|---|
| Бубак | Бак-дарактардын үстүндөгү кар катмарынын крисаллдары | 1. Бактарды бубак басып турат. |
| Ынтызар | Жаңы билимдерди билүүгө умтулган | Бала абдан ынтызар. Биздин класс абдан ынтызар болду. |

| Сөз | Табышмак же ребус |
|---|---|
| Кит/еп |  + ЕП |
| К/үч, т/өрт ж. б. | К + З<br>Т +  |
| Бал/а |  + А |
| Тиш | Кыдырата таш койдум,<br>Кызыл өгүздү бош койдум. |
| Кара-Балта | Аты менен отун жарасың,<br>Анда-санда өзүң барасың.<br>Тапкандар күтө турсун,<br>Таппагандар картаны карасын |

## 6.2. ЭНЦИКЛОПЕДИЯЛАР

Окуучулардын пассивдүү да, активдүү да сөз байлыгын кеңейтүүгө таасир этүүчү жаңы сөздөрдү таанып-билүүнүн бай булагы энциклопедиялар болуп саналат. Азыркы учурда балдарды кызыктырган бардык темалар боюнча энциклопедияларды табууга болот.

> **Энциклопедиялар** – бул кайсы бир тема боюнча же универсалдуу мүнөзгө ээ болгон фактылардын, маалыматтардын жыйындысы.

Балдар энциклопедиясындагы материал, эреже катары, жеткиликтүү жана кызыктуу формада берилет, ал эми ачык түстүү сүрөттөр же иллюстрациялар материалды өздөштүрүүгө окуучулардын көрүү эстутумун кошуу менен текстти коштойт.

Энциклопедиянын варианттарынын бири сөздөрдү алфавиттик тартипте жайгаштыруу болушу мүмкүн, ошондуктан мындай энциклопедияларды пайдалануу үчүн окуучулар алфавитти жакшы билиши керек. Башка форматы – бул энциклопедиянын темаларын логикалык жактан бир түзүмгө келтирүү менен баяндоо. Энциклопедиядагы маалымат кыска, так, мазмундуу, бир түзүмгө салынып жана ишенимдүү берилет.

Окуу сабагында энциклопедия жаңы сөздөр менен таанышуу же тааныш сөздөрдү аныктоо/тактоо куралы боло алат. Мугалим энциклопедияны андагы сүрөттөрдү жана баяндоолорду көрсөтүү менен, окуучуларды сөздүн түз мааниси менен тааныштырып аларды кебинде кандайча пайдалануу керектигин түшүндүрүү үчүн колдоно алат.

Энциклопедия менен иштөөнүн башка варианты ишти чакан топтордо уюштуруу болушу мүмкүн. Мугалим окуучуларды чакан топторго бөлөт (1-бөлүмдү караңыз), балдар энциклопедиянын жардамы менен бул сөздөрдүн маанисин таап, класска түшүндүрүү үчүн ар бир топко бир катар (3–4 сөз) сөздөрдү берет. Топтогу иш аяктагандан кийин мугалим окуучулардан өз иштерин көрсөтүүнү, ошол эле учурда энциклопедия менен иштөө алгоритмин айтып берүүнү сурана алат: алар сөздүн маанисин кантип издешти, бул сөздөр кандайча түшүндүрүлдү/берилди, сүрөттөр сөздөрдүн маанисин түшүнүүгө жардам бердиби. Балдардан сөздөрдү түшүндүрүүсүн сурануууга болот.




Энциклопедия менен иштөөнүн дагы бир ыкмасы энциклопедияда берилген тексттик материалды визуалдык (көрө турган) образга айландыруу. Мисалы, энциклопедиядан окуучулар кайсы бир теманы окуп-үйрөнүштү дейли, аны окуп-үйрөнгөндөн кийин окуучулар түшүнгөн материалын чагылдырган сүрөт тартуусу, фигураны ийлеп жасоосу же бир кол буюмун жасоосу керек болот.

Үй тапшырмаларынын бири коюлган тема боюнча өзүнүн энциклопедиясын түзүү болушу мүмкүн. Мисалы, мугалим окуучуларга аквариум балыктары, кесиптер, үй жаныбарлары же Кыргызстандын шаарлары, айылдары тууралуу энциклопедия жасоону сунуштайт. Бул тапшырма менен иштеп жатышып, балдар өз алдынча көптөгөн жаңы сөздөрдү билишет, жасалган энциклопедиянын бет ачарын жасап жатышып, ал сөздөрдү сабакта бүтүндөй класска айтып беришет.

# 7. СӨЗ БАЙЛЫГЫН БААЛОО

Башталгыч мектептин окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүнү белгилүү психологдор жана педагогдор изилдеп келишет. Изилдөөлөрдөгү маалыматтар окуучулар кандай тематикадагы сөздөрдү пайдаланарын жана окууга натыйжалуу үйрөтүү үчүн дагы кандай сөздөр менен толуктоо керектигин аныктап алууга мүмкүнчүлүк берет.

Окуучулардын сөз байлыгынын деңгээлин түрдүү максатта баалоо менен логопеддер, методисттер, мугалимдер алектенишет. Башталгыч класстын окуучуларынын активдүү да, пассивдүү да сөз байлыгын диагностикалоо үчүн түрдүү методикалар иштелип чыгып, колдонулууда.

«Мектеп окуучуларынын сөз байлыгын изилдөө тиешелүү курактагы окуучулар өздөштүргөн лексикалык микросистеманын кемчиликтерин аныктоого мүмкүнчүлүк берет, ошондуктан көптөгөн психологдор жана педагогдор окуучулардын сөз байлыгынын деңгээлин аныктоого аракет кылышат»[1].

Бул бөлүмдө башталгыч мектептин окуучуларынын сөз байлыгынын деңгээлин баалоо үчүн үч түрдүү курал сунушталат. Сунушталган куралдардан сырткары мугалим класста окуучулар бири-бири менен сүйлөшүп жатканда, сабактын темасын талкуулоо учурунда, адабий чыгармаларды кайра айтуу процессинде, чакан топтордо иштөө учурунда, чыгармачыл иштерди аткаруу жана текстти түшүнүү боюнча суроолорго жооп берүүдө алардын кебине байкоо жүргүзүү аркылуу сөз байлыгынын деңгээлин баалай алат.

[1] Елизарова Е. Р. Как оценить словарный запас современного школьника: содержание и технология констатирующего эксперимента// Международный студенческий научный вестник. – 2015. – № 5 (1-бөлүк). http://www.eduherald.ru/ru/article/view?id=12703 (караган күн: 18.08.2017).

## БААЛОО 1. СИНОНИМИН ТАБУУ

### Баяндоо

Тест окуу жылынын аягында жазуу түрүндө өткөрүлөт жана таблица түрүндө болот, анда сөздү текшерүү үчүн каражаттар берилет. Биринчи, экинчи класстардын окуучуларынын сөз байлыгынын деңгээлин баалоо үчүн тестте зат атоочтор, сын атоочтор жана этиштер болот, ал эми үчүнчү, төртүнчү класстардын окуучулары үчүн тестке тактоочтор да кошулат. Тестте 15 сөз болот, окуучулар алардын ар бирине тандоо үчүн сунушталган сөздөрдүн ичинен синонимин белгилөөсү керек.

Мугалим тиешелүү тема же конкреттүү текст боюнча сөз байлыгынын деңгээлин чеңгиси келсе, мындай тестти өз алдынча түзө алат.

### Күтүлүүчү натыйжалар

Окуучулар:

- сөздүн маанисин аныкташат;
- сунушталган сөздөрдөн синонимин тандашат.

**Деңгээл:** 1–4-класстар. Деңгээл тест барагынын жогору жагында көрсөтүлгөн.

### Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим окуучуларга тестти таратат жана аны аткаруу максатын, жол-жобосун түшүндүрөт:

«Балдар, силердин алдыңарда таблица түрүндөгү тест турат. Таблицанын биринчи тик тилкесинде маанисин аныктоо керек болгон сөздөр бар. Бул сөздөрдүн асты сызылган. Ар бир асты сызылган сөзгө карата бир нече башка сөздөр берилет. Бул сөздөрдөн асты сызылган сөзгө мааниси жакын сөздү тандоо керек. Катардагы тандаган сөзүңөрдү тегеректегиле.

Мисалы: биринчи тик тилкедеги асты сызылган сөз – «кенедей». Ага карата «күлкүлүү», «ар бир», «кичинекей» деген сөздөр берилген. Бул сөздөрдүн кайсынысы мааниси боюнча «кенедей» деген сөзгө жакын? Бул «кичинекей» деген сөз, ал тегеректелген. Тестти өз алдынча аткаруу керек. Тестти аткарууга ...мүнөт берилет».

### Баалоонун натыйжаларын талдоо

12 туура жооп – сөз байлыгынын жетиштүү деңгээли.

9–11 туура жооп – окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө багытталган көнүгүүлөрдүн санын көбөйтүү керектигин билдирген деңгээл.

8 жана андан аз туура жооп – төмөн деңгээл, бул сөз байлыгын кеңейтүүгө мугалим жана ата-энелер тарабынан ар тараптуу жардам керектигин билдирет.

**Деңгээли**: 1-класс **Күнү**:______________________________________

Окуучунун аты-жөнү ____________________________________________

**Үлгү**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кенедей | күлкүлүү | ар бир | кичинекей |

Таблицанын ар бир катарынан асты сызылган сөзгө мааниси жакын сөздү үлгүдөгүдөй кылып тегеректе.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | кубанычтуу | бийик | маанайы ачык | бай |
| 2. | адам | киши | жылкы | булак |
| 3. | сырдуу | кичине | жашыруун | жылмакай |
| 4. | айыптоо | күлдүрүү | жыгылуу | күнөөлөө |
| 5. | маектешүү | сүйлөшүү | сүрөттөө | жазуу |
| 6. | сулуу | терең | чынчыл | татынакай |
| 7. | байкоо | көнүү | күтүү | кароо |
| 8. | жел | шамал | кум | альбом |
| 9. | зор | оор | алп | жакын |
| 10. | мыкты | сонун | ийри | чоң |
| 11. | ашыгуу | унутуу | алаксуу | шашылуу |
| 12. | жолдош | конок | дос | кошуна |
| 13. | кайгылуу | жароокер | олбурлуу | капалуу |
| 14. | жутуу | сындыруу | даярдоо | ууртоо |
| 15. | кайраттуу | кекирейген | жүрөктүү | салабаттуу |

**Деңгээли**: 2-класс **Күнү**:______________________________________

Окуучунун аты-жөнү ______________________________________________

**Үлгү**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кенедей | күлкүлүү | ар бир | кичинекей |

Таблицанын ар бир катарынан асты сызылган сөзгө мааниси жакын сөзду үлгүдөгүдөй кылып тегеректе.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | ыраак | татаал | кымбат | алыс |
| 2. | иш | эмгек | баш | тамак |
| 3. | бөлүү | ажыратуу | сезүү | коркуу |
| 4. | жалкоо | текебер | уялчаак | бекерпоз |
| 5. | соодагер | сатуучу | дарыгер | жолоочу |
| 6. | ардактуу | тажрыйбалуу | сырдуу | урматтуу |
| 7. | жөндөм | талант | ийгилик | аракет |
| 8. | таануу | кыялдануу | тосуу | билүү |
| 9. | балапан | жөжө | кулун | бото |
| 10. | капысынан | аргасыздан | күтүүсүздөн | керектүү |
| 11. | баалуу | барктуу | көңүлдүү | кубанычтуу |
| 12. | аяктоо | бышыруу | бүтүрүү | кесүү |
| 13. | курал | парта | кийим | аспап |
| 14. | айлакер | митаам | боорукер | шамдагай |
| 15. | шакирт | өтүкчү | окуучу | башчы |

**Деңгээли**: 3-класс **Күнү**:_________________________________

Окуучунун аты-жөнү _______________________________________

**Үлгү**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | <u>кенедей</u> | күлкүлүү | ар бир | кичинекей (тегеректелген) |

Таблицанын ар бир катарынан асты сызылган сөзгө мааниси жакын сөздү үлгүдөгүдөй кылып тегеректе.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | <u>жаңылуу</u> | кыймылдоо | адашуу | жоготуу |
| 2. | <u>зарыл</u> | арзан | белгилүү | керектүү |
| 3. | <u>табуу</u> | качуу | көрүү | жылдыруу |
| 4. | <u>атактуу</u> | даңктуу | кызыктуу | ишенимдүү |
| 5. | <u>тоскоолдук</u> | сыйлык | көнүгүү | тосмо |
| 6. | <u>далилдөө</u> | кыйкыруу | ырастоо | сүзүү |
| 7. | <u>өжөр</u> | байкагыч | тырышчаак | урушчаак |
| 8. | <u>аңчы</u> | жылкычы | мергенчи | айдоочу |
| 9. | <u>ыраак</u> | пайдасыз | узак | терең |
| 10. | <u>атлет</u> | дизайнер | адис | спортчу |
| 11. | <u>татына</u> | кооз | бийик | курч |
| 12. | <u>сылык</u> | кызыктуу | илбериңки | күчтүү |
| 13. | <u>бекер</u> | кызыксыз | акысыз | макулдуксуз |
| 14. | <u>тууроо</u> | окшоштуруу | күтүү | шектенүү |
| 15. | <u>кытмырлануу</u> | баарлашуу | кыйкырышуу | митаамдануу |

**Деңгээли**: 4-класс **Күнү**:___________________________________

Окуучунун аты-жөнү ________________________________________

**Үлгү**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кенедей | күлкүлүү | ар бир | кичинекей |

Таблицанын ар бир катарынан алды сызылган сөзгө мааниси жакын сөздү үлгүдөгүдөй кылып тегеректе.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | аброй | көңүл | бедел | салмак |
| 2. | дароо | капыс | бачым | токтоо |
| 3. | капалануу | кайгыруу | биригүү | ойлонуу |
| 4. | жип | буурчак | желим | аркан |
| 5. | чыгуу | чогулуу | көтөрүлүү | аралашуу |
| 6. | жалындуу | жылма | жакын | ысык |
| 7. | дилгир | момун | ынтызар | шашма |
| 8. | кайраттуулук | эрдик | тактык | кыймылдуулук |
| 9. | жанында | алыс | катар | жалгыз |
| 10. | кайрымдуулук | мээримдүүлүк | аракетчилдик | бакубатчылык |
| 11. | убайымчыл | мээнетчил | иштерман | кайгычыл |
| 12. | кайтарымсыз | кайратсыз | акысыз | катасыз |
| 13. | какшык | текебер | кайгысыз | мыскыл |
| 14. | албетте | мурдагы | жакында | сөзсүз |
| 15. | ыкчамдык | ыргактуулук | шамдагайлык | аралашкандык |

## БААЛОО 2: СӨЗДҮ «ИНВЕНТАРИЗАЦИЯЛОО»

### Баяндоо

Бул өзүн-өзү баалоо барагы. Ал таблица түрүндө болот, окуучулар андагы ырастоолордун бирин белгилешет: (1) «Мен бул сөздү жакшы билем»; (2) «Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм»; (3) «Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин».

Бул баалоо куралы окуучуларга сөз байлыгынын деңгээлин өздөрү аныктаганга жана сөз байлыгын кеңейтүү үчүн алынган натыйжаларды окуучулар менен талдоого мүмкүнчүлүк берет.

Өзүн-өзү баалоо барагынын формасына мугалим өзү билип каалаган сөздөрдү, фразеологизмдерди жаза алат. Окуучулардын мектепте же үйүндө окуган чыгармалардагы сөздөрдү формага жазуусун алардын өзүнө сунуштай алат. Эгерде тест класста толтурулса, анда аны аткаруу үчүн убакыт бөлүү керек.

### Күтүлүүчү натыйжалар

Окуучулар:

- сөз байлыгынын деңгээлин өз алдынча баалашат.

**Деңгээл**: 1–4-класстар. Деңгээл тест барагынын жогору жагында көрсөтүлгөн.

### Баалоону кантип өткөрүү керек

Мугалим окуучуларга тестти таратат жана аны аткаруу максатын, жол-жобосун түшүндүрөт:

«Балдар, алдыңарда өзүн-өзү баалоо барагы турат. Силер биринчи тик тилкеде берилген сөздөрдү көңүл коюп окуп, кайсы сөздөрдү жакшы билериңерди, кайсы сөздөр силерге анчалык жакшы тааныш эмес, ал эми кайсыларын билбей турганыңарды аныкташыңар керек. Ар бир сөздү ичиңерден окуп чыккыла да, ойлонуп көргүлө, бул сөздөрдү мурда кезиктирдиңер беле, бул сөз эмнени билдирерин билесиңерби. Ар бир сөздүн тушундагы тиешелүү чакмакка «✓» белгисин койгула. Бул экзамен эмес, бул иш үчүн баа коюлбайт. Көнүгүү кайсы сөз жакшы тааныш, ал эми кайсы сөздөрдүн маанисин дагы жакшылап билиш керектигин түшүнүүгө жардам берет. Тестти аткарууга силерге …мүнөт берилет».

### Баалоонун натыйжаларын талдоо

Натыйжаларды баалоодо мугалим «✓» белгиси көп коюлган тик тилкелерди аныктайт.

50%дан ашык белги **«Мен бул сөздү жакшы билем»** деген биринчи тик тилкеге коюлган. Бул мыкты натыйжа.

50%дан ашык белги **«Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм»** деген экинчи тик тилкеге коюлган. Бул сабактарда сөз байлыгын кеңейтүү боюнча иштерди активдештирүү керектигин билдирет.

50%дан ашык белги **«Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин»** деген үчүнчү тик тилкеге коюлган. Бул окуучуга жардам берүү үчүн ата-энелерди тартуу керектигин билдирет. Мугалим сөз байлыгын кеңейтүү боюнча ыкмаларды колдонуу тууралуу ата-энелерге сунуш бериши керек болот. Ал ыкмалар: үйдө окуу, жаңы сөздөр менен сүйлөмдөрдү түзүү, бала менен түрдүү темаларда баарлашууну активдештирүү ж. б.

**Деңгээли**: 1-класс **Күнү**:________________________________________

Окуучунун аты-жөнү ______________________________________________

| **Сөздөр** | **Мен бул сөздү жакшы билем** | **Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм** | **Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин** |
|---|---|---|---|
| үйүр | | | |
| жаан | | | |
| жалган | | | |
| зор | | | |
| багбан | | | |
| таранчы | | | |
| калак | | | |
| дубал | | | |
| адат | | | |
| жуп | | | |
| көп | | | |
| ным | | | |
| жетекчи | | | |
| илгич | | | |
| өткөрмө | | | |
| радио | | | |
| күрмө | | | |
| суучул | | | |
| шуудурак | | | |
| акыркы | | | |
| кеңеш | | | |
| күлүмсүрөө | | | |
| чеберчилик | | | |
| ылдамдык | | | |
| окуя | | | |

**Деңгээли**: 2-класс **Күнү**:________________________________________

Окуучунун аты-жөнү ________________________________________________

| Сөздөр | Мен бул сөздү жакшы билем | Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм | Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин |
|---|---|---|---|
| тополоң | | | |
| айкалыштыруу | | | |
| хирург | | | |
| пикир | | | |
| ымыркай | | | |
| өзгөрбөс | | | |
| көөкөр | | | |
| чытырман | | | |
| саякаттоо | | | |
| кутуча | | | |
| булдуруктоо | | | |
| чоочун | | | |
| акыр | | | |
| умтулган | | | |
| баалуулук | | | |
| инсан | | | |
| чабуул | | | |
| оолак | | | |
| четин | | | |
| коркутуу | | | |
| мунара | | | |
| коргонуу | | | |
| алгачкы | | | |
| фейерверк | | | |
| укмуштуу | | | |

**Деңгээли**: 3-класс **Күнү**:________________________________________

Окуучунун аты-жөнү ______________________________________________

| Сөздөр | Мен бул сөздү жакшы билем | Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм | Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин |
|---|---|---|---|
| береке | | | |
| чечкинсиз | | | |
| жыйынтык | | | |
| параграф | | | |
| маскарапоз | | | |
| келишимдүү | | | |
| баарлашуу | | | |
| уламыш | | | |
| белгилүү | | | |
| божомол | | | |
| жыбыраган | | | |
| касиет | | | |
| калыптандыруу | | | |
| таймаш | | | |
| офис | | | |
| майрамдоо | | | |
| атмосфера | | | |
| логика | | | |
| урушчаак | | | |
| ыкшоо | | | |
| карапайым | | | |

**Деңгээли**: 4-класс **Күнү**:____________________________________

Окуучунун аты-жөнү ____________________________________________

| **Сөздөр** | **Мен бул сөздү жакшы билем** | **Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм** | **Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин** |
|---|---|---|---|
| ребус | | | |
| атамекендик | | | |
| сараң | | | |
| жабдуу | | | |
| мукаба | | | |
| ууч | | | |
| текебер | | | |
| түшүндүрүү | | | |
| проза | | | |
| кубаттуу | | | |
| тамсил | | | |
| даана | | | |
| муктаждык | | | |
| мезгил | | | |
| эзелки | | | |
| механизм | | | |
| макала | | | |
| тажатма | | | |
| өнөр | | | |
| салабаттуу | | | |
| берекелүүлүк | | | |
| минимум | | | |
| уюштуруучу | | | |
| мөрөй | | | |
| талкуу | | | |

**Деңгээли**: ____ -класс **Күнү**:____________________________________

Окуучунун аты-жөнү __________________________________________

| Сөздөр | Мен бул сөздү жакшы билем | Бул сөз мага тааныш, бирок ал эмнени билдирерин так билбейм | Мен бул сөздү мурда эч качан жолуктурган эмесмин |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

## БААЛОО 3: СҮЙЛӨМДӨРДҮ ТОЛУКТОО

### Баяндоо

Бул тест текст түрүндө болот, андагы сүйлөмдөрдө айрым сөздөр алынып салынган. Алардын ордуна үч сөз сунушталат, бирөө гана мааниси боюнча туура келет. Окуучулардын милдети – сунушталгандан керектүү сөздү табуу.

Бул модуль боюнча баалоону өткөрүү максатында ар бир класс үчүн сөздөрү алынган бирден текст сунушталат. Мугалим мындай тесттерди өз алдынча түзө алат. Ал үчүн төмөнкү жөнөкөй эрежелерди сакташы керек:

- тиешелүү татаалдык деңгээлдеги текстти тандоо зарыл;
- тексттеги биринчи сүйлөм толугу менен берилет (контекстке киришүү);
- экинчи сүйлөмдөн баштап ар бир бешинчи сөз алынып салынат жана үч варианттагы жооп менен алмаштырылат;
- үч варианттагы жооп буларды камтыйт:
    1. туура жооп (алынып салынган сөз);
    2. грамматикалык мүнөздөмөсү (сөз түркүмү, сан, жөндөмө, чак ж. б.) боюнча туура жоопко окшош сөз;
    3. башка грамматикалык мүнөздөмөдөгү сөз.
- жооптун туура вариантынын жайгашуу тартиби ар башкача болушу зарыл, туура жооп дайыма эле бир орунда (мисалы, дайыма экинчи) турбашы, ошондой эле кайсы бир мыйзам ченемдүүлүк (мисалы, «жогоруда–ортодо–ылдыйда») болбошу керек;
- тексттеги алынып салынган сөздөрдүн саны класска жараша болот. Биринчи жана экинчи класстарда тексттен 10–12 сөздү алып салуу мүмкүн, үчүнчү жана төртүнчү класстарда 15–20га чейин жеткирүү сунушталат.

Бул баалоо куралы айрым сөздөрдү билүүнү гана эмес, бул сөздөр колдонулган контекстти түшүнүүнү да ченейт. Ал окуучулар үчүн кызыктуу, анткени анда оюндун тиешелүү элементтери бар (аны «Сөздү тап!» деп атоого болот). Ошондой эле, аткарылган көнүгүүнү классташтары жана ата-энелери менен талкуулоо үчүн кеңири мүмкүнчүлүк берилет. Окуучулар каалаbelongs, мындай текст-тапшырмаларды өз алдынча түзө алышат.

Бул модулда мугалимдер үчүн тексттердин варианттары сунушталат, окуучулардын иштерин текшерүүдө мугалимге жеңил болуу үчүн аларда бардык алынып салынган сөздөрдүн асты сызылган варианты, ошондой эле баалоо үчүн (асты сызылбаган, окуучулар үчүн) тексттердин көчүрмөлөрү да берилет.

### Күтүлүүчү натыйжалар

Окуучулар

- сөздөрдүн лексикалык маанилерин аныкташат;
- сөздү контекстте колдонушат.

**Деңгээл**: 1–4-класстар. Деңгээл тест барагынын жогору жагында көрсөтүлгөн.

### Баалоону кантип өткөрүү керек

Мугалим окуучуларга тестти таратат жана аны аткаруу максатын, жол-жобосун түшүндүрөт:

«Балдар, силер алган барактарда айрым сөздөрү алынып алынган тексттер берилген. Алынган сөздөрдүн ордуна тандоо үчүн үч сөз сунушталат. Мааниси боюнча бул тексттин

мазмунуна туура келген бир сөздү тандап, астын сызуу керек. Келгиле, барактын жогору жагындагы үлгүнү карайлы:

«Апасынын майрамына арнап, талаа (бактарын / гүлдөрүн / эртең) бергенде, ал абдан кубанды».

Мындан көрүнүп тургандай, сунушталган үч сөздөн бул сүйлөмгө мааниси боюнча «гүлдөрүн» деген сөз туура келет. Келгиле, бул сөздүн астын сызалы. Эми сүйлөм төмөнкүдөй болуп калды: «Апасынын майрамына арнап, талаа гүлдөрүн бергенде, ал абдан кубанды».

Тандалган сөздүн астын дароо сызууга ашыкпагыла. Алгач текстти толук окуп чыккыла, андан кийин анын башталышына кайрылып, ар бир сүйлөм менен өзүнчө иштөөнү уланткыла. Тестти аткарууга …мүнөт берилет».

### Баалоонун натыйжаларын талдоо

80–100% туура жооп. Окуучулар контекст менен жетиштүү деңгээлде иштей алат.

60–79% туура жооп. Окуучуларга контекст менен иштөө көндүмдөрүнө көбүрөөк көңүл буруу сунушталат. Мугалим окуучуларга бул модулда сунушталган көнүгүүлөрдү жекече же топто аткарууну сунуштай алат.

Туура жообу 59%дан аз. Контекст менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн начар деңгээли, бул окуучулардын сөз байлыгынын төмөн деңгээлин билдириши мүмкүн. Мугалим окуучуларга контекстти түшүнүүгө багытталган көнүгүүлөрдү гана эмес, сөз байлыгын кеңейтүүгө жана байытууга жардам берген көнүгүүлөрдү да сунушташы керек болот. Мындай төмөн деңгээл бул көндүмдү өнүктүрүүгө ата-энелердин көңүлүн буруу керектигин билдирет.

**Деңгээли**: 1-класс, 2-жарым жылдык же 2-класс

**Күнү**:______________________________________

Самат сүрөтчү тоодо эс алып жүрдү.

Ал тоонун жантык бетинен көптөгөн ышкындарды көрдү. Самат сүрөтчү тоого кечинде кайра да келди. Ал конфеттерди, оюнчуктарды, карандаштарды ышкындардын алдына, кагаз гүлдү, күзгүнү, таракты башкаларынын алдына койду.

Кийинки күнү сүрөтчү талаага жылкычы досунун кичинекей кызын алып барды. Ал жетиде эле. Кыз белекти ар бир ышкындын алдынан таап жатты. Кубанган кыздын көздөрү күлмүңдөп жаркырап турду

(А. Токтомаметов.

60 сөз, 10 түшүрүп коюу).

**Деңгээли**: ___ -класс **Күнү**:____________________________________

Окуучунун аты-жөнү ________________________________________

**Үлгү**

«Апасынын майрамына арнап, талаа [бактарын / гүлдөрүн / эртең] бергенде, ал абдан кубанды».

Самат сүрөтчү тоодо эс алып жүрдү.

Ал тоонун жантык бетинен [бийик / көптөгөн / топтолгон] ышкындарды көрдү. Самат сүрөтчү [сазга / тоого / анткени] кечинде кайра да келди. [Биз / Дайыма / Ал] конфеттерди, оюнчуктарды, карандаштарды ышкындардын [алдына / сыртына / тескерисинче], кагаз гүлдү, күзгүнү, таракты [чурулдагандардын / башкаларынын / даярдоо] алдына койду.

Кийинки күнү [апельсин / бир жолу / сүрөтчү] талаага жылкычы досунун кичинекей [кызын / көйнөктү / кароо] алып барды. Ал жетиде [болуп калды / чыгат / эле]. Кыз белекти ар бир [дүмүрдүн / ышкындын / кайрадан] алдынан таап жатты. Кубанган [талаанын / бийик / кыздын] көздөрү күлмүңдөп жаркырап турду.

**Деңгээли**: 3–4 класстар

**Күнү**:_________________________________

Айша деген кыз кичинекей сиңдим же иним болсо деп дайыма кыялданчу.

Убакыт өтүп, акыры ошол күн келди, ата-энеси ыйлаган кипкичинекей баланы – көптөн күткөн чыныгы инисин үйүнө алып келишти! Айша эми жакшы көргөн бул кичинекей балакай менен ойной алат, ага билгенинин баарын үйрөтөт. Суу мылтыктан атканды, борсойгон боорсокту, кооз булочканы чоподон ийлеп жасаганды, альбомго күлкүлүү кебетелерди тартканды үйрөтөт. Ал буга шашып жатты, тезирээк үйрөтсөм деди. Бирок, иниси үйрөнгөнгө, эжесине таптакыр кызыкпады. Ал эч нерсеге карабастан, кечке уктады, тамак жеп, кайра уктоо үчүн гана ойгонуп жатты.

«Чыда, кызым, – деди апасы, – бул иниң азырынча абдан кичинекей. Ал чоңойсун, ага чейин сен өзүң үйрөн, анан ага мугалим болосуң».

(105 сөз, 17 сөз түшүрүлгөн)

**Деңгээли**: ___ -класс **Күнү**:___________________________________

Окуучунун аты-жөнү ___________________________________________

**Үлгү**

| |
|---|
| «Апасынын майрамына арнап, талаа [бактарын / гүлдөрүн / эртең] бергенде, ал абдан кубанды». |

Айша деген кыз кичинекей сиңдим же иним болсо деп дайыма кыялданчу. Убакыт өтүп, акыры ошол [күн / жыл / кечээ] келди, ата-энеси ыйлаган [жыгачтан / кичинекей / ашыкча] баланы – көптөн күткөн чыныгы [инисин / куурчагын / бүтүндөй] үйүнө алып келишти! Айша [таптакыр / бирөөгө / эми] жакшы көргөн бул кичинекей [балакай / кызыл / таш] менен ойной алат, ага [учуунун / кызыгуу / билгенинин] баарын үйрөтөт. Суу мылтыктан [окуганга / атканды / ылай] борсойгон боорсокту, кооз булочканы [таштан / чоподон / таттуу] ийлеп жасаганды, альбомго күлкүлүү [кебетелерди / аңгемелерди / тентек] тартканды үйрөтөт. Ал буга [жөн гана / шашып / жагып] жатты, тезирээк үйрөтсөм деди. [Бир аз / Мында / Бирок] иниси үйрөнгөнгө, эжесине таптакыр [алдамчы / шектенди / кызыкпады]. Ал эч нерсеге карабастан, [кечке / эртеге / жолдо] уктады, тамак жеп, кайра [уктоо / төлөө / качан] үчүн гана ойгонуп жатты.

«[Чыда / Ырда / Жакка], кызым, – деди апасы, – бул [албетте / иниң / бою] азырынча абдан кичинекей. Ал [чоңойсун / шашып / жагып], ага чейин сен өзүң [болуу / көр / үйрөн], анан ага мугалим болосуң».

# 8. СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ ЖАНА КЕҢЕЙТҮҮ БОЮНЧА БОЛЖОЛДУУ КӨНҮГҮҮЛӨР[1]

| Аталышы | «СӨЗ» ГРАФИКАЛЫК УЮШТУРГУЧУ |
|---|---|
| **Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдүн маанисин аныкташат;<br>• бир уңгулуу сөздөрдү, синонимдерди, антонимдерди, тексттеги багыттама жардамды издөө ыкмаларын колдонушат;<br>• жаңы сөздөрдү пайдаланып, сүйлөмдөрдү түзүү менен, пассивдүү сөз байлыгын активдештиришет;<br>• сөздөрдү түшүнгөнүн визуалдаштырышат. |
| **Модуль** | Сөз байлыгы |
| **Классы** | 1–4[2] |
| **Окуу баскычы** | Текстти/китепти окуганга чейин жана окугандан кийин |
| **Керектүү каражаттар** | Окуу боюнча дептер же «Сөз» графикалык уюштургучунун формасы (көчүрмө), 1-тиркеме |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече, чакан топтордо, жуптарда иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим окуучуларды текст (үлгүлүү, биргелешкен, башкарып же өз алдынча окуу) менен тааныштырат.<br>**2-кадам.** Окуучулар жаңы, тексттеги тааныш эмес сөздөрдү аныкташат.<br>**3-кадам.** Мугалим форманы таратат же аны окуу сабагы боюнча дептерге сызууну суранат.<br>**4-кадам.** Окуучулар морфологиялык талдоону, контекстти, тексттеги багыттама жардамды пайдаланып, тексттен табылган тааныш эмес сөздөрдү формага жазышат. Эстеп калуу үчүн сөздүн мааниси боюнча иш аяктаганда, бул сөз боюнча сүйлөм түзүү жана сүрөт тартуу сунушталат.<br>Сөздүн маанисин иликтеп-үйрөнүү боюнча дептерде иштөө форматы төмөнкүлөрдү сунуштайт:<br>а) сөздү жазуу;<br>б) сөздүн маанисин иллюстрациялоо;<br>в) сөздүн маанисин жазуу;<br>г) сөздүн уңгусун аныктоо;<br>д) ылайык келген синонимди табуу;<br>е) ылайык келген антонимди табуу; |

[1] Бул көнүгүүлөр Интернетте ачык жеткиликтүү болгон басылмалардын материалдарына негизделген.
[2] *Эскертүү*. Биринчи класстын окуучуларына графикалык уюштургучтун жөнөкөйлөтүлгөн формасын колдонуу сунушталат, бул тапшырмаларды зарылчылыгына жараша колдонууга болот: сөздүн маанисин иллюстрациялоо; сөздүн маанисин жазуу; багыттама жардам.

ж) сөздүн маанисин эстеп калууга жардам бере турган багыттама жардамды көрсөтүү;

и) бул сөз колдонулган эки сүйлөм түзүү.

Сөз ______________________________

Иллюстрация



Сөздүн уңгусу

______________

Сөздүн мааниси ____________________

Багыттама жардам

__________________________________

Синоним

__________

__________

__________

Антоним

__________

__________

__________

Сүйлөмдөр

1 ______________

________________

________________

________________

________________

________________

2 ______________

________________

________________

________________

________________

________________

| Аталышы | СӨЗДҮН МААНИСИН ТҮШҮНДҮРҮҮ-1 |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• жаңы сөздөрдү бөлүп көрсөтүшөт;<br>• алардын маанилерин аныкташат;<br>• жаңы сөздөрдү кебинде жана жазуусунда колдонушат. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 2–4 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин |
| Керектүү каражаттар | Адабий чыгармалар, сүрөттөр, фотолор, сөздөр жазылган карточкалар |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жалпы класс менен, жуптарда , жекече иштөө |
| Аткаруу тартиби | Сабакта «Сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү» ыкмасы адатта эки бөлүктөн турат:<br>1) жаңы сөз менен тааныштыруу;<br>2) анын лексикалык мааниси менен иштөө.<br>Сөздүк иштин биринчи баскычы көбүнчө формалдуу өткөрүлөт: мугалим тааныш эмес сөздөрдү тандап алат, аларды доскага жазат, окуучулар аларды окушат.<br>Экинчи баскыч ар түрдүү өтөт: мугалим же белгилүү бир ыкманын жардамы менен сөздүн маанисин түшүндүрөт, же алгач сөздү балдар талкуулашат, андан кийин анын маанисине түзөтүүлөр киргизилет, мугалим тарабынан жалпыланат, же тааныш эмес сөздүн лексикалык маанисин тактоо үчүн окуучулар беттердеги шилтемелерге, түшүндүрмө сөздүккө кайрылышат.<br>Сөздүн маанисин түшүндүрүү үчүн адатта ыкмалардын эки тобу колдонулат:<br>а) өз алдынча, б. а. мугалимдин жардамысыз – сөздүн маанисин иллюстрация-сүрөт боюнча түшүндүрүү, сөздүн маанисин окуу китебинин беттериндеги шилтемелер, түшүндүрмө сөздүк ж. б. боюнча аныктоо;<br>б) мугалимдин жардамы менен: синонимдерди, антонимдерди тандоо; сөздүн маанисин кеңири сыпаттоо аркылуу мугалимдин түшүндүрүүсү; маанисин түшүндүрүп жаткан сөздү өзүнүн текстине кошуу ж. б.<br>***1-мисал***<br>Түмөнбай Байзаковдун «Кыргыз жери» ыры.<br>**1-кадам.** Мугалим ырды окуйт.<br>*Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,*<br>*Аскасы көк асманга тийген кезде.*<br>*Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,*<br>*Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.*<br>Андан кийин бүтүндөй ырды өз алдынча окуп чыгууну сунуштайт. |

**2-кадам.** Мугалим: Бул куплеттеги кайсы сөздөр түшүнүксүз?

**3-кадам.** Класста «аскасы», «ой-кырлары» деген сөздөрдү түшүнбөгөн окуучулар болушу мүмкүн. Балдардын мындай топтору үчүн алардын сүрөттөрүн көрсөтүп түшүндүрүү керек болот.



**Аска** – бийик таштуу жар сыяктуу жер.

**4-кадам.** Мугалим суроо берет: «Кучактайм ой-кырларын нурга кошо» деген сүйлөм баарыңарга түшүнүктүүбү? Мугалим таңдагы асканын, ой-кырлардын  сүрөтүн көрсөтөт.



**Таңкы нур** – Күн жаңы чыгып келе жаткандагы көгүш-саргыч нур.

**5-кадам.** «Кучактайм ой-кырларын нурга кошо» деген сүйлөмдө жаңы таң атып келе жатканда Күндүн нуруна бөлөнгөн айлана тууралуу сөз болуп жатат». Сүйлөмдүн маанисин андан ары талдоо уланат.

***2-мисал***

Тамсилдердин сөздөрү балдардын түшүнүүсү үчүн татаал болот. Мисалы И. А.Крыловдун «Карга менен түлкү» тамсили.

**1-кадам.** Тамсилди мугалим окуйт.

*...Мактоого көк мээ карга башы айланды,*
*Бечара ким болду экен бул кайдагы.*
*Эмесе көргөн билген жерлерине*
*Кур кетпей айта барсын сайраганды.*

*Карганын жаман үнү бир «карк» этти,*
*Оозунан тиштеп турган түшүрдү этти.*
*Түлкү акең лып эттире тосуп алып,*
*Жолуна түшүп алып жүрүп кетти...*

**2-кадам.** Окуучулар тамсилди окушуп, түшүнүксүз сөздөрдү табышат.

Тексттин бул үзүндүсүн окуу процессинде ар бир бала үчүн көптөгөн тоскоолдуктар болот – түшүнүксүз сөздөр, тамсилде көпчүлүк окуучуларга түшүнүксүз болгон сөздөр да болушу мүмкүн. Бул төмөнкү сөздөр: *көк мээ, кур кетпей, бечара, лып эттире, жүрүп кетти.*

**3-кадам.** Текст менен иштөө үчүн мугалим сөздөр жазылган карточкаларды колдонот. Мүмкүнчүлүккө жараша сүрөттөрдү көрсөтүүгө болот.



**4-кадам.** Бир топ татаал сөздөр менен иштөө. Мугалим сөздөрдүн түшүндүрмөсүн даярдап, ар бир түшүнүксүз сөздү кандай ыкмалардын жардамы менен түшүндүрүүнү ойлонушу керек.

– *«башы айланды»* – башы иштебей калуу;
– *«көк мээ»* — эч нерсе түшүнбөгөн, синоними – *башы иштебеген*;
– *«кур кетпей»* – эч нерсе албай кетпей, бир нерсе ала кетүү;
– *«бечара»* – боор ооруй турган абалдагы, синоними – *байкуш*.
– *«лып эттире»* — тез, билдирбей, байкатпай ала коюу;
– *«жүрүп кетти»* – тез кетүү.

Чыгармада түшүнүксүз сөздөр көп болгондуктан, мугалимге окуучулардын сөздөрдү түшүнүүсүн калыптандыруучу баалоонун жардамы менен текшерүүнү уюштуруусу маанилүү.

**5-кадам.** Сөздөрдү түшүнүү боюнча жуп менен иштөөнү уюштуруу: мугалим классты жуптарга бөлөт (отурган партасы боюнча бөлүштүргөн жакшы) жана бардык түшүнүксүз сөздөр боюнча суроолорду бири-бирине берүүнү сунуштайт. Бул үчүн мугалим калыптанып калган суроону доскага жазат: «Сен ... деген сөздү (сөз айкашын) кандайча түшүнөсүң?» Бул ишти жупта аткаруу учурунда мугалим бир нече жупту угат. Аягында 3–4 жупка чыгып сүйлөөнү (суроо, жооп) сунуштай алат.

Текшерүүчү сөздүк ишти экинчи сабакка пландаштырган жакшы.

## Үлгү



| Аталышы | СӨЗДҮН МААНИСИН ТҮШҮНДҮРҮҮ-2 |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• жаңы сөздөрдүн маанилерин аныкташат;<br>• аларды кебинде жана жазуусунда колдонушат. |
| Модуль | Сөз байлыгы<br>Окуганын түшүнүү |
| Классы | 2–3 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин |
| Керектүү каражаттар | Адабий чыгармалар, сүрөттөр, фотолор, сөздөр жазылган карточкалар |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жалпы класс менен, жуптарда, жекече иштөө |
| Аткаруу тартиби | ***2-класстын окуучулары үчүн көнүгүүлөр***<br>Т. Үмөталиев<br>**Китеп**<br>*Китеп менин эски досум айрылбас,*<br>*Максатынан, өз сөзүнөн айныбас.*<br>*Китеп менен алга баскан адашпас,*<br>*Мүлк жыйнабай, китеп жыйган жаңылбас.*<br><br>*Мен китептен издегеним табамын,*<br>*Мен китептен каалаганым аламын.*<br>*Китеп – казна, илим-билим булагы,*<br>*Ким алтынга сатсын китеп барагын.*<br><br>*Китеп мага өмүр жолун тааныткан,*<br>*Китеп мага качан болсо жарык таң.*<br>*Акылыма акыл кошот чарчабай,*<br>*Кабар берет эчак өчкөн алыстан.*<br><br>Айрым окуучулар бул ырдан жаңы сөздөрду табышат. Мугалим аракетин сөздүктү тактоого жана активдештирүүгө, сөздөрдүн, фразеологиялык бирдиктердин лексикалык айкалышуусун, төп келишүүсүн жана контексттеги сөздөрдүн маанисин, башка да маанилерин өздөштүрүүгө багыттоосу зарыл. Мугалим окуучулардын төмөнкү сөз айкаштарын түшүнүүсүн такташы зарыл:<br>*Китеп – казна, илим-билим булагы (казна – байлык);*<br>*Китеп мага өмүр жолун тааныткан (жол көрсөткөн);*<br>*Китеп мага качан болсо жарык таң (алдыны жарык кылып жол көрсөтүп турган);*<br>*Кабар берет эчак өчкөн алыстан (мурда болгондорду айтып турат).*<br>**1-кадам.** Мугалим ырды окуйт.<br>**2-кадам.** Мугалим окуучулардан ырды угуу учурунда жаралган сезимдери тууралуу сурай алат. Андан кийин мугалим окуучулардан бул ырда эмне тууралуу баяндалгандыгын айтып берүүнү суранат. |

**3-кадам.** Окуучулар ырды өз алдынча окушат. Мугалим «мүлк», «казна» деген сөздөргө, китептеги шилтемелерге көңүл бурууну суранат, сөздүн аягында сан турса, бул сөзгө карата шилтеме бар экендигин түшүндүрөт.

Шилтеме – беттин аягына жайгаштырылган эскертүү, анда сөзгө түшүндүрмө берилет.

**4-кадам.** Мугалим жогоруда айтылган сөз айкаштарын түшүндүрүүнү суранат (сөз айкаштары доскага жазылышы, слайд түрүндө берилиши… керек). Окуучулар кыйналган учурда жана айрым же бардык жазылган сөз айкаштарын түшүндүрө албаган учурда, мугалим бул сөз айкаштарын түшүндүрүп бериши зарыл.

**5-кадам.** Мугалим айрым окуучулардан сөз айкашын дагы бир жолу окууну жана аны түшүндүрүүнү өтүнөт.

**6-кадам.** Окуучулар ырды дагы бир жолу окушат, мугалим окуучуларды экинчи кадамга кайтарат – ал ырды түшүнгөнүн айтып берүү жана ырды түшүнүүдө эмне өзгөргөнүн салыштыруу да болушу мүмкүн.


**Үлгү**



| Аталышы | СҮРӨТТҮ ТААНЫШ СӨЗДӨР МЕНЕН ТУТАШТЫР |
|---|---|
| **Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• жаңы сөздөрдүн маанисин аныкташат;<br>• жаңы сөздөрдүн туура жазылышын аныкташат;<br>• активдүү сөз байлыгын кеңейтишет;<br>• сөздүн маанисин аныктоо үчүн визуалдаштырууну колдонушат. |
| **Модуль** | Сөз байлыгы |
| **Классы** | 1–2 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү каражаттар** | Буюмдар тартылган жана бул буюмдарды билдирген сөздөр жазылган карточкалар |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Чакан топтордо иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим балдарды чакан топторго бөлөт да, төмөнкү тапшырма боюнча чогуу иштөөнү сунуштайт: *буюмдардын сүрөттөрү менен аларды билдирген сөздөрдү сызык менен туташтыруу.*<br><br>**2-кадам.** Чакан топтордо иштөө учурунда балдар өз чечим-дерин түшүндүрүшүп, эмнеге ушундай туташтырышкандыгын аргумент менен негиздешет. Топтун катышуучулары жалпы пикирге келиши керек болот.<br><br>**3-кадам.** Тапшырманы жасап бүткөндөн кийин балдар аткарган иштерин класска көрсөтүшөт.<br><br>**4-кадам.** Мугалим балдар топтордо ийгиликтүү иштегенине көңүл буруусу, жасалган иш үчүн ыраазычылык билдирүүсү керек.<br><br>**5-кадам.** Андан ары мугалим текст менен иштөөгө кирише алат.<br><br>**6-кадам.** Сөздөрдү активдүү сөз байлыгына айлантуу үчүн мугалим жаңы сөздөр менен сүйлөмдөрдү, окуяларды, жомокторду жана башкаларды түзүү боюнча иш уюштурат. |

## Үлгү

**1-карточка.** Сүрөттөрдү сөздөр менен туташтыр



МАНГО

АШКАБАК

ӨРҮК


КЫЗГАЛДАК

БУУРЧАК

АПЕЛЬСИН

РОЗА


КАКТУС






**2-карточка.** Сүрөттөрдү сөздөр менен туташтыр






ИНДЕЕЦ

БАЛЫКЧЫ

ОКУУЧУЛАР

УЧКУЧ

КУРУУЧУ

БӨБӨК

КЫТАЙ


БАЛ ЧЕЛЕКЧИ






| Аталышы | **КӨМӨКЧҮ СҮРӨТ** |
| --- | --- |
| **Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• жаңы сөздөрдүн маанисин аныкташат;<br>• жаңы сөздөрдүн маанилерин аныктоо үчүн контекстти колдонушат;<br>• активдүү сөз байлыгын байытышат. |
| **Модуль** | Сөз байлыгы |
| **Классы** | 1–4 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин |
| **Керектүү каражаттар** | Фотолор, сүрөттөр |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтордо (жалпы жана чакан топтордо) иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | Иллюстрациялык материал – фотографиялар, сүрөттөр, макеттер ж. б., окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү үчүн мугалимге жардам берген маанилүү курал болуп саналат. Жаңы сөздү түшүнүү баскычында айрым учурларда мугалимге жаңы, тааныш эмес сөздүн сүрөтүн балдарга көрсөтүп коюу жетиштүү. Ал окуучуга сөздүн образын түзгөнгө жардам берет.<br><br>Андан аркы мугалимдин милдети окуучу бул сөздү колдоно ала тургандай кырдаалды жаратуу болот. Мисалы, текстте ландыш деген сөз айтылды дейли, бул учурда мугалимдин ландыш тартылган сүрөттү көрсөтүүсү жана аны колдонуп, 3–4 сүйлөм түздүрүүсү жетиштүү. Мисалы, «Биздин короодо ландыштар өсөт» же «Мен эч качан ландышты көргөн эмесмин».<br> |

| Аталышы | КИЧИНЕДЕН ЧОҢГО |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• сөздөрдүн маанисин аныкташат;<br>• сөздөрдүн маанисин аныктоо үчүн синонимдерди тандашат;<br>• сөздөрдүн кошумча маанилерин айырмалашат. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 1–2 |
| Окуу баскычы | Окугандан кийин |
| Керектүү каражаттар | «Чоң китеп» же чакан тексттер бар сүрөттүү китеп же окуу китебиндеги көлөмү бир сабакта пайдаланса боло турган текст<br>Жалпы байланышы бар (жыл мезгилдери, түстөр, буюмдун белгилери, өлчөмү ж. б.) компьютерде терилген же жазылган сөздөр, ошондой эле синонимдерди да алса болот<br>Узун тилке кагаздар, скотч |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, жуптарда, топтордо иштөө |
| Аткаруу тартиби | Төмөндө келтирилген мисалда эң төмөнкү өлчөмдөн эң чоң өлчөмгө карата сөздөр берилди. |




**1-кадам.** Мугалим «интерактивдүү окуу» ыкмасын колдонуу менен, класста «Чоң китепти» (китепти) үн чыгарып окуйт, бардык балдар көңүл коюп угушат, интерактивдүү окуу учурунда мугалим берген суроолорго жооп беришет, сүрөттөрдү карашат. Китепти окугандан кийин мугалим суроо берет:
– Бул китеп эмне жөнүндө экен?
– Биз азыр кандай жаңы нерсени үйрөндүк?
– Бул китеп эмнеси менен жакты?

**2-кадам.** Мугалим чакан топтордо аткарыла турган тапшырманы түшүндүрөт (2–3 окуучу): «Мен азыр силерге барактарды берем, силер чакан топтордо бул сөздөрдү эң кичинекейинен тартып, эң чоң мааниси боюнча катар жазасыңар. Мисалы: *кукүмдөй, майда, кичинекей, чакан, чоң эмес, килейген*. Силердин милдетиңер: сөздөрдүн «туура» ырааттуулугун аныктоо, ар бир сөздүн маанисин талкуулоо жана бул сөздөр эмне үчүн ушундай катарда болушу керектигин топтогу классташтарыңарга түшүндүрүү. Силерден «туура» жооп эмес, сөздөрдүн катарын аныктоо боюнча тандооңор, далилиңер күтүлөрү эсиңерде болсун. Сөздөрдүн ырааттуулугун толук аныктап бүттүк дегенден кийин ал сөздөрдү кагаздын тилкесине чаптагыла».

**3-кадам.** Мугалим тапшырманы түшүндүргөндөн кийин аны топто аткаруунун үстүндө иштегенге мүмкүнчүлүк берет. Мугалим бул иште балдарга жардам көрсөтүүсү зарыл. Эгерде топ тапшырманы аткарууда кыйналып жаткан болсо, биринчи кезекте, балдар маанисине толук ишенимдүү болгон сөздөрдүн маанисин сурап, андан соң тааныш эмес сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү зарыл. Балдарды мааниси жакын сөздөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды талкуулап жаткандарына колдоо көрсөтүп шыктандырыңыз. Сиз балдардан түшүнгөнүн визуалдуу, мисалы, ымдоо же кыймыл менен чагылдырып берүүнү сурана аласыз.


**4-кадам.** Бардык топтор тапшырмасын аткаргандан кийин алардын түшүндүрүп көрсөтүп берүүсү жана балдардын иштерин колдоп жактыруу менен ишти аяктаңыз. Андан кийин балдардан сөздөр менен иштөө жана аларды кагаз тилкесинде иретке келтирүү сөздөрдүн маанисин тереңирээк билүүгө, алардын маанисин ачып берүүгө кандайча жардам бергенин сураңыз. Балдар топто ийгиликтүү иштегендигин, пикирлерин түшүндүрө алгандыгын, талкуулап, биргелешип чечим кабыл алгандыктарын, максатка жетишкендиктерин белгилеңиз.

**5-кадам.** Бүгүн маанисин окуп-үйрөнгөн сөздөрдөн сүйлөм түзүү.

## Үлгү

**Үн чыгарып окуу үчүн китеп: «Мен китти жолуктурган күн»,** Бенджи Дэвис





Рано утром папа Ника уходил в море
на рыболовном судне
и возвращался домой только ближе к ночи.


Как-то раз вечером рядом с домом разразилась сильная буря.
Утром Ник пошёл посмотреть, что произошло на пляже
после неё.
Гуляя по пляжу,
он заметил что-то вдалеке.


Подбежав поближе, Ник не поверил своим глазам.
На песке лежал маленький кит.
Его выбросило на берег во время шторма.


Приближалась ночь,
и становилось всё темнее.
Ник волновался, что отец рассердится
из-за кита в ванной.




Бул аңгеме кичинекей бала жана ал үйүнө алып келген кичинекей кит тууралуу. Кит деңизде жашайт, ал жерде анын ата-энеси бар деп атасы түшүндүргөндөн кийин бала аны деңизге коё берүүнү чечет.

**Киттер**

Киттер – бул деңиз сүт эмүүчүлөрү, алар абдан чоң болушат. Боюнун узундугу 25 метр, ал тургай, 33 метрге, ал эми салмагы 90–210 тоннага жетет. Окумуштуулар киттин жакын тууганы бегемоттор деп эсептешет. Табиятта муруттуу жана азуулуу киттер жолугат. Киттер – жер үстүндөгү абдан чоң жаныбарлар.

| Аталышы | МЕН БУЛ СӨЗДҮ БИЛЕМ |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• тексттеги жаңы сөздөрдүн лексикалык маанилерин аныкташат. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 1–4 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин |
| Керектүү каражаттар | Текст<br>2-тиркемедеги форма |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, чакан топтордо, жуптарда иштөө |
| Аткаруу тартиби | Бул көнүгүү – сөздөрдү билүүнү диагностикалык баалоонун варианты. Окуучулар текстти түшүнүү үчүн негизги же маанилүү сөздөрдү табышат жана дептердеги таблицаны толтурушат, андан кийин аларды чакан топтордо талкуулашат. Жетишкен натыйжаны классташтарына айтып беришет. Мугалим балдар маанисин билбеген сөздөрдү аныктайт (3-тик катар). Кийинки баскыч бул сөздөрдүн үстүндө иштөө болот. |

| | 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|---|
| | Мен бул сөздү билем, аны кебимде же жазууда колдоно алам | Мен бул сөздү мурун көргөм же уккам, бирок анын маанисин билбейм | Мен бул сөздүн маанисин билбейм жана эч качан уккан эмесмин |
| 1-сөз | | | |
| 2-сөз | | | |
| 3-сөз | | | |
| 4-сөз | | | |
| 5-сөз | | | |

| Аталышы | «СӨЗДҮН УҢГУСУ» ТАБЛИЦАСЫ |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• сөздөрдүн маанисин аныктоо үчүн сөздөргө (сөз айкаштары-на) морфологиялык талдоо жасоо стратегиясын колдонушат. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 1–4 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин жана окугандан кийин |
| Керектүү каражаттар | Текст |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, чакан топтордо, жуптарда иштөө |
| Аткаруу тартиби | Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иштин бул форматы сөздөрдүн маанисин аныктоону жана сөздөрдү талдоону билдирет: биринчи тик катарда – сөздүн уңгусу, экинчи тик катарда – уңгулаш сөздөр, акыркы тик катарда бул сөздөрдүн мааниси берилет. Окуучуларга төмөнкү таблицаны толтуруу сунушталат: |

| Сөздүн уңгусу | Уңгулаш сөздөр | Бул сөздөрдүн мааниси |
|---|---|---|
| Жаңы | Жаңылык | Кабар |
| | Жаңылануу | Жаңы болуп өзгөрүү |
| | Жаңылар | Жаңы нерселер |
| | Жаңылоо | Өзгөртүү |
| | Жаңыланды | Өзгөрдү |
| | Жаңычыл | Жаңыны сүйгөн |

| Аталышы | ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР МЕНЕН СҮРӨТТӨР |
|---|---|
| **Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• фразеологиялык түрмөктөрдүн маанисин аныкташат;<br>• фразеологиялык түрмөктөрдү айтышат, жазышат;<br>• фразеологиялык түрмөктөрдү кебинде колдонушат. |
| **Модуль** | Сөз байлыгы |
| **Классы** | 2–4 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин жана окугандан кийин |
| **Керектүү каражаттар** | Фразеологиялык сөздүк, фразеологизмдер боюнча сүрөттөр |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече, топтордо иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Сүрөттөрдүн саны окуучулардын санына барабар. Мугалим кабинеттин ар кайсы жерине (өзүнүн каалоосу боюнча) 4–5 сүрөттү илет. Орунду 4–5 окуучу жакын келе ала тургандай тандайт да, окуучуларды тапшырманы аткаруу үчүн доскага чакырат. Доскага чакырылган окуучулардын саны сүрөттөрдүн саны менен бирдей болот.<br>**2-кадам.** Мугалим фразеологизмди окуйт, окуучулар аны уккандан кийин сүрөттөргө басып келет.<br>**3-кадам.** Сүрөткө биринчи келгенди мугалим ал жерде калтырат да, кийинки фразеологизмдерди окууну улантат. Бардык фразеологизмдерди окуп бүткөндөн кийин мугалим сүрөттүн жанында турган окуучудан фразеологизмди окуп, аны түшүндүрүүнү суранат.<br>**4-кадам.** Туура эмес түшүндүрүүлөр болсо, мугалим туура жоопту табууга бүтүндөй классты тартат. |

**Үлгү**



Бармагын тиштеп калды



Эшек такалап жүрөт



Бычак ала чуркайт



Котур ташы койнунда



Беш өрдөгүн учурду



Оозунан көбүк буркурайт

| Аталышы | ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• фразеологиялык түрмөктөрдүн маанисин аныкташат;<br>• фразеологиялык түрмөктөрдү айтышат, жазышат;<br>• фразеологиялык түрмөктөрдү кебинде колдонушат. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 3–4 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин |
| Керектүү каражаттар | Фразеологиялык сөздүк |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече |
| Аткаруу тартиби | **1-вариант.** Сүйлөмдөн же тексттен фразеологизмди табуу, аны окуу же астын сызуу.<br>**2-вариант.** Бул фразеологизмдердин курамында туруктуу колдонулуп келген сөздү ордуна коюу:<br>*Ат айланып … табат (казыгын);*<br>*Бармагынан … тамган (бал);*<br>*Жүрөгүнө … салуу (так);*<br>*Котур ташы … (койнунда);*<br>*Иштин … билген (көзүн).*<br>**3-вариант.** Мугалим фразеологизмдин же анын курамындагы бир сөздүн маанисин түшүндүрөт, ал эми окуучулар фразеологизмди табышат.<br>Мугалим: Башканын сөзүн укпай сүйлөй бергенди эмне дейт?<br>Окуучулар: *Сөзгө конок бербеген.*<br>**4-вариант.** Тиешелүү тематикадагы фразеологизмдерди тандап алуу.<br>Мугалим: Жаныбарлар аралашкан фразеологизмдерди айткыла.<br>Окуучулар: *Эшек такалоо, ала карганы атынан ата, эгиз козудай.*<br>**5-вариант.** Сүйлөмдү мааниси туура келген фразеологизм менен толуктоо.<br>Мугалим: Ал убактысынын көбүн бекер отуруп өткөрөт. Эртеден кечке эле эч нерсе жасабайт *(эшек такалап күн өткөрөт).*<br>**6-вариант.** Фразеологизмдерди сөздөр («кандай?» деген суроого жооп берген, мааниси этишке жакын сөздөр) менен алмаштыруу. Мисалы, *оозун ачкан* (кандай шалдырак?), *кулагына илбеген* (кандай беймарал, укпаган?) же *көңүл көтөрүү* (колдоо), *көзү тойбогон* (ач көз).<br>**7-вариант.** Төмөнкү фразеологизмдерди кайсы учурда колдонсо болот: *жан жыргатуу; кулак-мурун кескендей; болбогон сөз.*<br>**8-вариант.** Бул туруктуу сөз айкашына антонимдерди табуу керек: *бармагын тиштеген, мурдун балта кеспеген, эшек такалоо.* |

**9-вариант.** Бул фразеологизмдерге синонимдерди табуу керек: *жүрөгүндө оту бар, ат тезегин кургатпай, көз жашын көл кылуу.*

**10-вариант.** Фразеологизмдерди колдонуп, сүйлөмдөрдү түзгүлө.

**11-вариант.** Фразеологизмдерди колдонуп, аңгеме, жомок, ыр түзгүлө.

**12-вариант.** Тиешелүү фразеологизмдерди колдонуп, дилбаян (чакан дилбаян) жазгыла.

**13-вариант.** Фразеологизмдерди колдонуп, сүрөт боюнча аңгеме түзгүлө.

**14-вариант.** Фразеологизмдерге арналган кроссворддорду түзгүлө жана/же таап толтургула.

**15-вариант.** Болушунча көбүрөөк фразеологизмдерди пайдаланып, репортаж, интервью, киносценарий, фантастикалык аңгеме, мистикалык триллер ж. б. жазгыла.

**16-вариант.** Фразеологизмдердин маанисин чагылдырган сүрөттөрдү даярдагыла, мисалы:



*Төбө чачы тик туруу* – коркконунан жагымсыз сезимдердин пайда болушу.



*Эки көзү төрт* – бир нерсени же бирөөнү абдан көргүсү келет.

**17-вариант.** Мугалим дубалга фразеологизмдердин тексттерин илет, окуучуларга сүрөттөр көрсөтүлөт. Колун биринчи көтөргөн окуучу сүрөттү алып, дубалдагы ага ылайык текстке келип, аны түшүндүрөт.

Зарылчылыгына жараша мугалим окуучуларга фразеологизмдерди жазууну жана текст менен иштөөнү уюштурууну сунуштай алат.

**18-вариант.** Кашаанын ичиндеги керектүү сөздү же сөздүн формасын тандап алып, фразеологизмдерди толуктап жазгыла. Тандооңорду түшүндүргүлө.
Ажыдаардын ... басуу *(куйругун, бутун)*
Айтканы ... болбогон *(эки, үч)*
Бетинде ... бар *(көгү, кызылы)*
Жөргөмүштүн ... чалынуу *(торуна, бутуна)*
Көзүнүн ... менен тең айланган *(тегереги, агы)*

**19-вариант.** Сүйлөмдөрдү окугула. Кайсы сүйлөмдөрдө фразеологизмдерди колдонууда каталар бар? Каталарды оңдогула жана оңдолгон сүйлөмдөрдү жазгыла.

*Бакыт көзү чанагынан чыга жер карап тынч отурду.*
*Аскат көңүлүндө кири жок жаман ойлорду ойлоп отурду.*
*Айгүл мойнунан байлаган иттей катуу жүгүрүп бара жатты.*
*Майрам өлбө жаным өлбө болуп үй тапшырмасын катырып айта баштады.*
*Керимкул сакадай бою сары алтын болуп баш-аягы жок узакка сүйлөдү.*
*Үсөн сүткө тойгон күчүктөй арык эле.*
*Салима билгенинин баарын тилимдин учунда турат деп айтат.*

**20-вариант.** Фразеологизмдерди окугула. Биринчи тик катардагы фразеологизмдердин жанына мааниси карама-каршы келген экинчи тик катардагы фразеологизмди жазгыла.

| | |
|---|---|
| *Тили кыска* | *Ыркыйып, кабыргасы саналат* |
| *Сүткө тойгон күчүктөй* | *Чымын учса угула тургандай* |
| *Төкпөй-чачпай айткан* | *Тилинде мөөрү бар* |
| *Чымын-куюн болуп безилдеген* | *Баш-аягы жок* |

**21-вариант.** Сүйлөмдөрдү окугула. Асты сызылган сөздөрдү фразеологизмдер менен алмаштыргыла. Эмне өзгөрдү? Сүйлөмдөрдү жазгыла.

*Айгүл Исаковна тапшырманы түшүндүрдү, бирок Алтынбек* ***уккан жок****.*
*Асел жолго чыгуу кийинкиге жылганын угуп,* ***көңүлсүз болуп калды****.*
*Бакыт күн бою* ***эч нерсе кылган жок****.*
*Ал бизди* ***алдап жатканын*** *билдик.*
*Биринчи сентябрда Айнура* ***абдан эрте*** *ойгонду.*
Маалымдама материал: *көңүлүн топтогон жок, эшек такалоо, көңүлү чөгүү, таң заардан туруу, мурдунан жетелөө* ж. б.

**22-вариант.** Фразеологизмдерди таап, сүрөт менен байланыштыргыла.

МУРДУН КӨТӨРӨТ СЫЗГА ОТУРУП КАЛДЫ





**23-вариант.** Фразеологизмди эстеп, маанисин түшүндүргүлө.



Жумурткадан кыр чыгарат



Айга колу жетип калыптыр




Мурдунан жетелеп алган



Кулак-мурун кескендей



Кара кылды как жарат



Коёндой окшош



Төбөсү көккө жетти

| Аталышы | САХНАЛАШТЫРУУ |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• жаңы сөздөрдү кебинде колдонушат;<br>• фразеологизмдерди сахналаштырышат. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 2–4 |
| Окуу баскычы | Окугандан кийин |
| Керектүү каражаттар | Карточкалардагы сөздөр<br>Костюмдардын элементтери (зарылчылыгына жараша) |
| Окутууну уюштуруу формасы | Чакан топтордо иштөө |
| Аткаруу тартиби | Бул көнүгүүнү/ыкманы окуучулар мурда билбеген жаңы сөздөрдү камтыган текстти окугандан кийин өткөрүү сунушталат. Бул сөздөрдү окуучулардын активдүү сөздүгүнө киргизүү керек болот.<br>**1-кадам.** Мугалим окуучуларды чакан топторго (ар бир топто 4–6 окуучу) бөлөт да, жаңы сөздөр менен карточкаларды таратып, тапшырманы айтат: берилген сөздөр колдонулган окуяны, жомокту, турмуштук жагдайларды түзүү жана сахналаштыруу. Мугалим ар бир топко бирдей же ар башка сөздөрдү берсе болот – бул сөздөрдүн санынан жана класстагы окуучулардын санына жараша болот.<br>**Эскертүү**<br>1. Мугалим сахналаштырууну жаратуу үчүн убакытты сөзсүз белгилейт – сөздүн оордугуна жараша 3төн 10 мүнөткө чейин.<br>2. Мугалим сахналаштырууларды баалоо критерийлери менен тааныштырат (окуучулар менен бирге иштеп чыгат):<br>а) топ өзүнүн сахналаштыруусунда берилген бардык сөздөрдү колдонгон;<br>б) берилген сөздөр туура (контекстте) колдонулган;<br>в) сахналашырууга топтун бардык мүчөлөрү катышкан.<br>**2-кадам.** Окуучулар топтордо иштеп, берилген убакыт ичинде өз сахналаштыруусун түзүшөт. Мугалим байкоо жүргүзөт, зарылчылык болсо, багыттаган суроолорду берип, сахналаштыруунун тексттерин түзүү үчүн идеяларды талкуулоо аркылуу топторго жардам берет.<br>**3-кадам.** Ар бир топтун сахналаштыруусун көрсөтүүсү. Ар бир сахналаштырууну мугалим жана окуучулар кол чабуулар жана сөздөр менен колдоп турушат.<br>**4-кадам.** Окуулардын ишин критерийлер боюнча баалоо. Башка топтордогу окуучулар сахналаштырууларды көргөндөн кийин критерийлер боюнча өз түшүндүрмөлөрүн айтышат. Мугалим түшүндүрмө берүү менен жыйынтыктайт, зарылчылык болсо, топтун ишмердигинин натыйжасын баалайт. |

## Үлгү



| | |
|---|---|
| **Аталышы** | **ЖАҢЫ СӨЗДӨР МЕНЕН ТЕКСТ ТҮЗӨБҮЗ** |
| **Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• жаңы сөздөрдү кебинде жана жазууда колдонууга үйрөнүшөт. |
| **Модуль** | Сөз байлыгы |
| **Классы** | 2–4 |
| **Окуу баскычы** | Окугандан кийин |
| **Керектүү каражаттар** | Карточкаларга жазылган сөздөр |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече, топтордо иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | Жаңы сөздөрдү жазып колдонуу ыкмасы.<br>**1-кадам.** Окуучуларга жекече же чакан топтордо текстти, сүйлөмдөрдү, диалогдорду... түзүү жана жазуу сунушталат, мугалим сунуштаган жаңы сөздөр болушу керек.<br>**2-кадам.** Тексттерди жазгандан кийин окуучулар өздөрүнүн иштерин окуп беришет.<br>Мугалим ошондой эле окуучулардын иштерин топтоп, алар түзгөн тексттерди, ошондой эле грамматикасын текшере алат. Мугалим формативдик баалоону пайдаланган учурда, окуучуларга түшүндүрмөлөрдү берүүнү (жазуу түрүндөгү кайтарым байланышты) сунуштай алат, бул түшүндүрмөлөрдүн негизинде окуучулар өз иштерин жакшырта/өркүндөтө алышат.<br>Бул кадамдар окуучуларга өз практикасында жаңы сөздөрдү бир нече жолу колдонууга мүмкүнчүлүк берет, бул жаңы сөздөрдү жаттап/эстеп калгууга, жаңы сөздөрдү пассивдүүдөн баланын активдүү сөздүгүнө акырындык менен өткөрүүгө таасир этет. |

**Үлгү**



| Аталышы | «СӨЗДӨРДҮН ДУБАЛЫ» |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• тексттен жаңы сөздөрдү табышат;<br>• аларды кебинде жана жазууда колдонушат;<br>• жаңы сөздөрдүн маанилерин визуалдаштырышат. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 1–4 |
| Окуу баскычы | Окугандан кийин |
| Керектүү каражаттар | Түстүү жана ак кагаздар, фломастерлер, желим (клей), боёктор, калемдер, жиптер, кыпчымалар, пластилин жана башка материалдар |
| Окутууну уюштуруу формасы | Топтордо иштөө |
| Аткаруу тартиби | «Сөздөрдүн дубалы» чоң, көрүнүктүү тамгалар менен дубалга, доскага же башка класстагы көрүнүктүү жерге жазылган сөздөрдүн топтомун билдирет. «Сөздөрдүн дубалы» көп сөздөрдү камтыган окутуунун интерактивдүү куралы болуп саналат, ал сөздөр окуу жана жазуу учурунда колдонулушу мүмкүн. «Сөздөрдүн дубалын» башка окуу предметтеринде, мисалы: математика, Мекен таануу, чет тил жана башка предметтерде, түрдүү иш-чараларды өткөрүүдө да колдонууга болот.<br>«Сөздөрдүн дубалы» эстеп калуу үчүн көп колдонулуучу сөздөрдү дайыма көз алдында кармап туруу максатында түзүлөт:<br>– дубалдагы сөздөр тыбыштык-тамгалык мамилени, тыбыштык кабыл алууну, сөздөрдү орфографиялык жазууну көрсөтүү үчүн үлгү катары колдонуу;<br>– жаңы сөздөрдү пайдаланууну тездетүү үчүн аларды визуалдаштыруу;<br>– окуучулардын активдүү сөз байлыгынын бөлүгүн түзүп кала турган сөздөрдүн негизги базасын кеңейтүү;<br>– окуу көндүмдөрүнүн жана жазуу кебинин өсүүсүнө көмөк көрсөтүү;<br>– окуу жана жазуу процессинде балдарга маалымдама материал болуп кызмат кылат;<br>– өз алдынчалыкты өнүктүрөт.<br>«Дубалдагы» сөздөр ар бир окуучу аларды көрө ала тургандай жайгаштырылышы керек. Алар бири-биринен жеңил айырмалоо үчүн түрдүү түстөрдө, чоң тамгалар менен жазылышы зарыл. Боёктор, калемдер, фломастерлер, пластилин, түстүү кагаздар, кездемелер колдонулат. Желим менен чаптап алардан аппликация жасалат. Мугалим менен окуучулар «сөздөрдүн дубалын» түзүүнүн үстүндө чогуу иштеши керек: алар дубалга кайсы сөздөр жазылышы керектигин аныкташат. Балдар окууда жана жазууда көп колдонгон сөздөрдү ага кошуп туруу маанилүү. Акырындык менен, жумасына болжол менен 5 сөздөн кошулушу/жаңыланышы зарыл. |

Сөздөрдү окууну жана жазууну практикалап, «сөздөрдүн дубалын» күн сайын колдонуу керек. Сөздөрдү ырдоо же окууну алакан чабуу менен коштоо, ролдук оюндарды колдонуу, «дубалдагы» сөздөрдү көчүрүп жазуу, сүрөт тартуу сыяктуу түрдүү көнүгүүлөрдү колдонуу керек. Бул сөздөр автоматтык түрдө окулуп, жазыла тургандай болушу үчүн мугалим бул сөздөрдү жетиштүү колдонууну, практикалоону камсыз кылышы зарыл. Балдар бул ишти туура аткарып жатканын текшерүү зарыл. Кокусунан тандалган сөздөрдү эмес, сабактын мазмунуна жана максатына ылайык жаңы сөздөрдү дайыма кошуп туруңуз. «Сөздөрдүн дубалы» окуучулар андагы өзгөрүүлөрдү, жаңы сөздөрдүн кошулгандыгын, түшүнүктүү болуп калган сөздөрдүн жок болуп калышын көрүп тургандай болушу керек.

«Сөздөрдүн дубалы» менен иштөөдө көптөгөн ар түрдүү стратегияларды колдонууга болот.

### Окуганы боюнча «сөздөрдүн дубалы»

«Сөздөрдүн дубалы» окуп-үйрөнүлүп жаткан адабий чыгармалар боюнча түзүлүшү мүмкүн. Мугалим балдар ошол кезде окуп жаткан тексттеги же китептеги негизги сөздөрдү, жаңы сөздөрдү же каармандарды мүнөздөөлөрдү тандоону сунуштайт. Бул сөздөр чыгармаларда абдан көп кездешет же алардын маанилери балдарга азырынча түшүнүксүз, андыктан ал сөздөр «сөздөрдүн дубалынын» борборуна жайгаштырылышы зарыл. Аларды көрүп туруу сөздөрдүн мааниси, алардын жазылышы менен таанышууга окуучуларга жардам берет жана андан кийин аларды тексттен оңой табышат, ошондой эле окуганын талкуулоодо активдүү колдоно алышат.



**Жыл мезгилдери менен байланыш- кан сөздөр**

Башталгыч класстардын окуучулары жыл мезгилдерин окуп үйрөнүшөт. Жыл мезгилдерине тиешелүү болгон маанилүү негизги сөздөрдү «дубалга» жайгаштырууга болот. Ар бир сөз өзүнчө же сөз айкашынын, сүйлөмдүн курамында жазылышы зарыл. Жыл мезгилдерине жараша дубалдагы сөздөрдүн топтому өзгөрүп турат. Бир жыл мезгили аяктаганда, окуучуларга өтүп кеткен мезгилди билдирген сөздөрдүн топтомуна кайрылуу жана жыл мезгилдерин эмне бириктирип же айырмалап турарын карап көрүү/талкуулоо сунушталат.




**Алфавит менен таанышуу жана тыбыштык кабыл алуу үчүн сөздөр**

Фонеманын (тыбыш) жана графеманын (тамганын) тыбыштык-тамгалык мамилелерге болгон байланышын окуп-үйрөнүү үчүн «сөздөрдүн дубалы» абдан ыңгайлуу иш куралы болуп саналат. Мисалы, дубалга ортосунда кесилген чарчысы бар А4 форматындагы кагазды илип коюуга болот. Чарчынын оң жана сол жагына бирден үнсүз тамганы жайгаштырып, ошол эле чарчыны бойлой үндүү тамгалар жазылган тилкени жогорудан ылдый карай жылдырып турууга болот. Ошентип, ортодогу үндүүнү өзгөртүү менен, балдар бир нече сөздү түзө алышат. Мисалы: Б**А**Р, Б**И**Р, Б**О**Р, Б**У**Р, Б**Е**Р, Б**Ү**Р ж. б.

| | | |
|---|---|---|
| | У | |
| К | А | Р |
| | Ы | |

**Окуп-үйрөнүлүп жаткан предметтин (адабий окуу да, башка предметтер да) мазмуну менен байланышкан сөздөр**

Мугалим окуучулар менен биргеликте «сөздөрдүн дубалына» учурда отулуп жаткан тема менен байланышкан маанилүү сөздөрдү иле алат. Мисалы, Мекен таануу боюнча балдар кыргыз элинин кийимдерин окуп үйрөнүшөт: элечек, тебетей, калпак жана башка.




**«Сөздөрдүн дубалын» уюштуруу жана бир нече кошумча сунуштар**

«Сөздөрдүн дубалы» менен иштөө методикасы бул дубал үчүн мейкиндикти, орунду уюштуруудан башталат. «Сөздөрдүн дубалын» кабинетте окуучуларга карата оң жакта уюштурган жакшы. Мугалим сабактын жүрүшүндө зарылчылыкка жараша окуучулар менен бирге «сөздөрдүн дубалына» кайрыла алат. Мугалим өз алдынча же окуучулар менен биргеликте «Сөздөрдүн дубалынын» аталышын жазат («Сөздөрдүн дубалынын» аталышын дайыма эле компьютерге терип, басып чыгара бербеш керек. Аны маркер менен А4 (А3) барагына жазып койсо да болот). «Сөздөрдүн дубалын» колдо болгон каражаттардын жардамы менен (магнит, жип, кыпчыкычтар ж. б.) уюштуруп коюуга болот. Андагы сөздөрдү ар түстөгү маркерлер менен, ар кандай шрифт менен, ар башка өлчөмдө жазган жакшы. Себеби сабак учурунда окуучулардын көңүлүн бурдурууга ыңгайлуу болот.

Бул аянтчаны даярдоодо мугалим окуучуларга бул «дубалга» сөздөр окуп жаткан тексттерден  алынып жазыларын түшүндүрүшү зарыл. Бул таптакыр тааныш эмес сөздөр, тааныш сөздөр да болушу мүмкүн, бирок бул сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, фразеологизмдердин мааниси окутуу процессинде такталат.

Сөздөрдү окуучулар көрүп тургандай, алардын  орточо боюнун деңгээлинде илүү сунушталат. «Сөздөрдүн дубалын» балдардын боюнан бийик илүүгө болбойт.

Сөздүк иишти алып барууда иштей турган сөздөрдү да түстүү барактарга маркер менен жазып, илүүгө болот. Сөздөр текст менен иштеп жаткан бүтүндөй учурда – 1–2 жума (3–6 сабак) «Сөздөрдүн дубалында» илинип турушу керек. Ал жерде өтө эле узак – 2–3 ай илинип турганы да болбойт.

Сөздүк иишти жүргүзүүдө мугалим сөздөрдү түрдүү белгилери боюнча топтоштура алышы керек. Бул окуучулардын ушул сөздөрдү натыйжалуу өздөштүрүүсүнө мүмкүнчүлүк берет.

Мугалим бүтүндөй окутуу учурунда бул сөздөрдү колдонуу боюнча иш алып барганы жана мурда өздөштүргөн сөздөргө жыл ичинде бир нече жолу кайрылганы жакшы. Дубалдагы сөздөр Адабий окуу сабагында гана эмес, мүмкүнчүлүккө жараша бардык сабактарда колдонулса, жакшы болот. Окуучулар бул сөздөрдүн ордун алмаштыруу менен, сөз айкаштарын түзө алышат.

«Сөздөрдүн дубалына» бүтүндөй сабакты же бир бөлүгүн, мисалы, беш мүнөт убакытты арноого болот. Өз алдынча иштөө үчүн таратыла турган сөздөрдүн же тамгалардын карточкаларын «сөздөрдүн дубалына» илүүгө болот, демек алар жеңил алынып, кайра коюла тургандай болушу керек. Мындай тапшырмаларды уюштуруу үчүн ламинатталган карточкаларды (ламинатор жок болсо, карточканы эндүү скотч менен жабыштырууга болот) пайдалануу мүмкүнчүлүгү ыңгайлуулукту жаратат.

«Сөздөрдүн дубалы» менен иштөөнү окуучуларга жекече же чакан топто иштөө үчүн тапшырмаларды сунуш кылуу менен уюштурууга болот. Дубалга жайгаштырыла турган сөздөрдү сөздүн маанисин түшүндүргөн сүрөттөрү менен бирге категориялары боюнча бөлүштүрүүгө (мисалы, бир уңгудан түзүлгөн омонимдер ж. б.), аларды ыр түрүндө же картага жайгаштырууга болот.

**Үлгү**



| Аталышы | ТҮСТҮҮ ТАБЛИЧКАЛАРДАГЫ СӨЗДӨР |
|---|---|
| **Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдүн маанисин аныкташат;<br>• сөздөрдү туура жазышат;<br>• сөздөрдү кебинде колдонушат. |
| **Модуль** | Сөз байлыгы<br>Шар окуу |
| **Классы** | 2–4 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү каражаттар** | Сөздөр жазылган карточкалар |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жалпы класс менен, жекече иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим окуучуларга эки катарга 6-8 сөз жазылган карточкаларды таратат. Сөздөрдүн бир катары түстүү сызык менен айландыра сызылган, экинчиси – пунктир менен. Мугалим окшош сөздөр жазылган карточкаларды окшош түс менен айландыра сызып коюуну сунуштайт.<br>**2-кадам.** Мугалим балдардан карточкалардагы сөздөрдүн маанисин түшүндүрүүнү суранат. Бул буюмдарды сыпаттоону, алар качан, кайда колдонуларын айтууну же бул сөздөрдү колу, кыймылы, ымдоосу ж. б. менен көрсөтүү тапшырмасын берсе да болот.<br>**3-кадам.** Мугалим балдардан карточкаларда тартылган буюмдарды жалпылаган сөздү табууну жана бул сөз кандайча бул буюмдардын окшоштугун көрсөтөрүн түшүндүрүүнү балдардан сурайт (мисалы, малина, кулпунай, карагат, кызыл карагат – булар жер жемиштер).<br>**4-кадам.** Мугалим балдарга аткарган иштери жана көнүгүүгө активдүү катышканы үчүн ыраазычылык билдирет.<br>Үй тапшырмасы төмөнкүлөр болушу мүмкүн: а) карточкаларда көрсөтүлгөн буюмдардын баарынын сүрөтүн тартуу, б) бул буюмдардын аттарын жазуу. |
| **Карточкалардын үлгүлөрү** | |

**1-карточка**

| | | | |
|---|---|---|---|
| БИЙ АЛМА | | КОКТЕЙЛЬ | |
| | ЙОГУРТ | | БИЙ АЛМА |
| ГРЕЙПФРУТ | | ЧАЙ | |
| | НАН | | |
| | | | ЛАЙМ |
| ЙОГУРТ | | КОКТЕЙЛЬ | |
| | ЙОД | | ЛАЙМ |
| ГРЕЙПФРУТ | | | ЧАЙ |
| ЙОД | | НАН | |

**2-карточка**

| | | | |
|---|---|---|---|
| КРЕСЛО | | КУЛПУ | |
| | ШКАФ | | ПИАЛА |
| КӨӨКӨР | | ШКАФ | |
| | КРЕСЛО | | |
| | | | ПИАЛА |
| СТАКАН | | КЕРЕБЕТ | |
| | БАЛКА | | КУЛПУ |
| КӨӨКӨР | | | СТАКАН |
| КЕРЕБЕТ | | БАЛКА | |

| Аталышы | ЖАНДУУ КЕП |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• жаңы сөздөрдүн маанилерин аныкташат;<br>• жаңы сөздөрдү алар билдирген образдар, башка түшүнүктөр менен байланыштырышат;<br>• сөздөрдү байланыштуу, жандуу кепте колдонушат. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 1–2 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин |
| Керектүү каражаттар | Сөздөр жазылган таблицалар |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече иш, чакан топтордо иштөө |
| Аткаруу тартиби | (see below) |

**Аткаруу тартиби**

**1-вариант**

**1-кадам.** Бул сөздөргө эпитеттерди (көркөм жана лирикалык аныктамаларды) тандагыла.

| | |
|---|---|
| КҮН | |
| ТУМАН | |
| ОТ | |
| ЖАРЫК | |
| СИРЕНЬ | |
| СЕЗИМ | |
| МУЗА | |
| ТЫНЧТЫК | |

**2-кадам.** Бүтүндөй класс боюнча топтордун иштеринин натыйжаларын талкуулоо.

**2-вариант**

**1-кадам.** Солдогу жана оңдогу тик катардагы сөздөрдөн сөз айкаштарын түзгүлө.

| | |
|---|---|
| НУР | БЕКЕМ |
| ХАН САРАЙ | БОЗ |
| АЙ | ШАТТАНГАН |
| УЙКУ | ЧЕЧКИНДҮҮ |
| СЫР | КОРКУНУЧТУУ |
| ҮН ЧЫГАРУУ | АЛТЫН |

**2-кадам.** Бүтүндөй класс боюнча топтордун иштеринин натыйжаларын талкуулоо.

**3-вариант**

**1-кадам.** Салыштырууларды тапкыла. Алардын көркөмдүгүн түшүндүргүлө.

1) *Илим-билим өркүндөп,*
*Түшүнүктөр кеңейди.*
*Компьютердей акылдуу*
*Машинелер көбөйдү.* (А. Кыдыров)

*2) Шөкүлө – кыргыздардын кыздары кие турган баш кийим. Ал абдан кооз. Үстү тоонун чокусундай бийик шоңшоюп, конуска окшош жасалат. Эң чокусуна кооз үкү тагылат. Сырты кездеме менен капталып, саймаланып коозделот. Кыздар аны майрамдарда кийишет.* (Алиппе-интеллектуал, түзүүчүлөр – С. Рысбаев ж. б. – Б.: 2014, 80-б.)

*3) Кызып жаккан оттун табы,*
*Кызыл чоктой албырган.*
*Апам жапкан ысык нандын*
*Жыты келет тандырдан.* (Б.Чотурова)

*4) Ак кебездей самсаалап,*
*Ай талаада жаады кар.*
*Ал ансайын күчтүүлөп,*
*Чуркурашат каргалар:*
*«Кар-р! Кар-р! Кар-р!».* (Н. Жаркынбаев)

*5) Илгери бир хан булбулду кармап алат. Булбулду капаска салдырып, аны хан тагынын жанына койдуруп, сайратып уккусу келет. Хандын сарайы, анын ичиндеги буюмдардын бардыгы алтын менен күмүштөн жасалып, эң кымбат баалуу асыл таштар менен кооздолгондуктан, булбулга да алтындан капас жасаттырат. Ичине аппак мамык менен жибектен уя салдырат. Эң сонун кооз идиштерге булбул жей турган түркүн тамактарды койдурат…* («Алтын уя» кыргыз эл жомогунан. Адабий окуу, Токтомаметов А. 2-класс. – Б.: 2014. – 29-б.)

*6) Кулунумдун кулагы*
*Кыя кескен камыштай.*

*Кишинеген дабышы*
*Жылаажынжын үнүндөй.* (А. Токомбаев)

*7) Үч күн, үч түн жаады кар,*
*Ак пахтаны сепкендей.*
*Дарыяда муз тоңду*
*Күзгү коюп кеткендей.* (М. Жангазиев)

*8) Көз кубанткан башкача,*
*Көркүн болот мактаса.*
*Наристеге ал окшойт*
*Назик, сергек, таптаза.* (С. Жусуев)

*9) Учтуу сыңар мүйүзү*
*Тумшугунда чочоёт* (Керик). (Т. Самудинов)

*10) Чыпалак деген бала колдун чыпалагындай эле болчу.*
(Ч. Айтматов)

*11) Паровоздой буу бүркүп,*
*Кулунум бышылдатат мурунун.* (Б. Жекембаев)

*12) Жутсаң көңүл ачылган,*
*Жайлоонун суусу көк кашка.*
*Жаңы кийим жытындай*
*Жайлоонун жыты бир башка.*

*Жатсаң көңүл сергиген,*
*Жайлоонун чөбү бир башка.*
*Жаш баланын жытындай*
*Жайлоонун жыты бир башка.* (А. Осмонов)

*13) Кукаре-ку-ку, короз,*
*Таажың кооз.*
*Алмадай жүзүң,*
*Мончоктой көзүң.*
*Мойнуң ийрек,*
*Сакалың жибек.*
*Куйругуң чатыр,*
*Уйкусу сак баатыр.*
*Мынчалык эрте*
*Тургансың неге?*
*Ырдап бер бизге*
*Үнүңдү кере.* (Р. Рыскулов)

*14) Айланаң кандай гана кооз! Түркүн түстөгү гүлдөр. Учуп-конуп жүргөн көпөлөктөр, ызылдаган аарылар жаратылыштын көркүнө көрк кошуп турат. Жер бети жапжашыл кымкап жамынган. Кайда караба, көз жоосун алган керемет кооздук! Бак-дарактар гүл ачып, алардан жерге гүл жаап турат…* (Адабий окуу, Токтомаметов А. 2-класс. – Б.: 2014. – 113-б.)

*15) Балбалактап аппак кар,*
*Жаап жатты себелеп.*
*Жатты аны эритип,*
*Кудум эле Күнгө окшоп*
*Менин бетим тегерек.* (К. Жунушев)

**2-кадам.** Бүтүндөй класс боюнча топтордун иштеринин натыйжаларын талкуулоо.

**5-вариант**

**1-кадам.** Тексттен жансыз буюмдар жандуу катары берилген мисалдарды тапкыла.

*1) Жерди булут барсайган*
*Мөндүр менен аткылап.*
*Так түйүлүп эрке кыз*
*Куунайт колун чапкылап:*

*– Мен жоготкон шурулар*
*Көктөн түшүп келишти ай!*
*Жүр, чоң эне, теришчи ай!*
*Бол, чоң эне, теришчи ай!* (Т. Муканов)

*2) Күн ачылып…*
*Шатырап…*
*Буту тийбей бутуна,*
*Жамгыр качып баратат.*

*Жан далбастап жыгылып,*
*Сүзүшүп жол талашат.*
*Бир-бирине чалынып,*
*Бирин бири сабашат.*

*Көзүнөн жаш тамчылап,*
*Чөп, жайкалган жалбырак:*
*– Мактанчаакка чала! – деп*
*Каткырышат табалап…* (А. Өмүрканов)

*3) Колу жок, буту жок,*
*Терезеге сайма саят* (табышмак: аяз).

*4) Кыш аябай каарданып, дүйнөдөгү жан-жаныбарлардын бардыгын тоңдурмак болду…* (К. Ушинский)

**2-кадам.** Бүтүндөй класс боюнча топтордун иштеринин натыйжаларын талкуулоо.

## Сөз байлыгын кеңейтүүгө карата топ менен ойнолуучу сөз оюну

Мындан ары топту пайдаланып окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө карата көнүгүүлөр берилди. Бул көнүгүүлөрдү окуучулар абдан жакшы көрүшөт. Тажрыйба көрсөткөндөй, абдан ыңгайлуу, негизгиси «коопсуз» топ колдонулат.



«Коопсуз» топту өз алдынча кантип жеңил эле жасап алууга болот?

Башталгыч мектепте иштөө үчүн «коопсуз» топту мугалим жасайт. Аны даярдоо үчүн газета менен кагаз скотч керек болот.

**1-кадам.** Газетаны мугалим тоголоктойт. «Коопсуз» топтун диаметри болжол менен 15–20 см болот.

**2-кадам.** Тоголоктолгон газетаны кагаз скотч менен каптап чаптап чыгат.

«Коопсуз топ» көнүгүү өткөргөнгө даяр!

| Аталышы | КИМ ЭМНЕ ЖЕЙТ? |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• сөз байлыгын өстүрүшөт;<br>• пассивдүү сөз байлыгын активдештиришет. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 1–4 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин, окугандан кийин |
| Керектүү каражаттар | Сүрөттөр тартылган, сөздөр жазылган карточкалардын топтому |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, топтордо иштөө |
| Аткаруу тартиби | **1–2-класстар үчүн көнүгүү**<br>**1-кадам.** Мугалим сүрөттөрдү көрсөтүп, аларды талкуулайт.<br>**2-кадам.** Мугалим окуучуга топту ыргытып, суроо берет:<br>– Бананды эмне жейт?<br>Топту кармаган окуучу, мисалы: «Маймыл», – деп жооп берет да, топту мугалимге кайтарып берет.<br>**3-кадам.** Мугалим туура жооп үчүн окуучуга ыраазычылык билдирип, топту кийинки окуучуга ыргытып, кийинки суроону берет:<br>– Бакалар эмне менен тамактанышат?<br>Окуучу жооп берет жана андан ары улантат. Мугалим коюлган милдеттерге жараша убакытты жана суроолордун санын өз алдынча аныктайт.<br>**3–4-класстардын окуучулары үчүн көнүгүү**<br>Мугалим бир топ татаал суроолорду даярдайт, мисалы:<br>– Адам катуу ачуулангандагы сезими кандайча аталат? (жооп: «*ачуулуу болуу, жек көрүү, кыжырлануу, ызалануу*» сөздөрү болушу мүмкүн). Топту алган окуучу бир сөздү атаганда, жооп кабыл алынат.<br>– «Катуу үн катып» деген сөздү кандайча түшүнөсүңөр? (абдан катуу же баарына белгилүү болгондой сүйлөө). |

## 1–2-класс үчүн сүрөттөрдүн үлгүлөрү



| Аталышы | СИНОНИМДЕР |
| --- | --- |
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• синонимдер менен сөз байлыктарын өстүрүшөт;<br>• синонимдердин маанилерин аныкташат. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 2–4 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин |
| Керектүү каражаттар | Сүрөттөр тартылган, сөздөр жазылган карточкалардын топтому |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, топтордо иштөө |
| Аткаруу тартиби | **1-кадам.** Окуучуларга синонимдер эмне экендигин (мурда өтүлгөн маалыматты кайталагыла) түшүндүрөт, ар башка сөздөр менен атоого боло турган сүрөттөрдү көрсөтөт.<br>**2-кадам.** Сүрөттөргө карата мааниси окшош сөздөрдү табууну окуучуларга сунуштайт. Топту ыргытуу менен оюн уюштурулат.<br>**3-кадам.** Оюндун ийгилигин бекемдөө максатында сабактын кийинки баскычында төмөнкүлөр сунушталат:<br>– жаңы сөздөр менен сүйлөм түзүү жана жазуу;<br>– жаңы сөздөр менен суроо түзүү жана аларга жооп берүү;<br>– жаңы сөздөр менен (4–6 сүйлөмдөн турган) аңгеме түзүү жана аны класста окуу.<br>Түзүлгөн аңгемени жупта, чакан топтордо окууну уюштурган жакшы. Мындай уюштуруу ар бир окуучуга жаңы сөздөрдү кебинде пайдалана алуусуна мүмкүнчүлүк берет. |

**Үлгү**



**КЕПТЕР**

**КӨГҮЧКӨН**



**ҮЙ**

**ТУРАК-ЖАЙ**

| Аталышы | АКТИВДҮҮ СӨЗ БАЙЛЫГЫН ТОЛУКТОО |
|---|---|
| Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• активдүү сөз байлыгын көбөйтүшөт. |
| Модуль | Сөз байлыгы |
| Классы | 3–4 |
| Окуу баскычы | Окугандан кийин |
| Керектүү каражаттар | Адабий чыгармалар |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, топтордо иштөө |
| Аткаруу тартиби | **1-вариант.** Маектешүү. Сүйлөшүү учурунда анын ар бир катышуучусу маектешүүчүсүнүн сөздөрү менен өз сөз байлыгын толуктайт – алардын ортосунда сөз алмашуу жүрөт.<br>**2-вариант.** Үн чыгарып окуу – абдан натыйжалуу усулдардын бири. Үн чыгарып окууда биз сөздөрдү жана тексттерди көрөбүз, угабыз жана, эң негизгиси, айтабыз. Ошондуктан аны жакшылап эстеп калабыз. Ичибизден (үн чыгарбай) окуп жатып, биз да өзүбүздүн лексиконубузду толуктайбыз, бирок өтө тез эмес, анткени мындай ыкма менен биз сөздөрдү болгону көрөбүз, аларды укпайбыз.<br>**3-вариант.** Текстке жакын кайра айтып берүү. Текстти жаңы окуганда, аны кайра айтып берүү процессинде биз текст жазылган сөздөр менен айтып берүүгө жакын болобуз, ошентип, айрым пассивдүү сөздөр активдештирилет. Текстке жакын кайра айтып берүү башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүгө шыктандыруу үчүн натыйжалуу усул болуп саналат.<br>**4-вариант.** Синонимдер сөздүгү менен иштөө (кыргыз тилинде синонимдик катар абдан бай – ар бир сөз орточо 5–6 синонимге ээ болот; айрым сөздөрдүн кыркка чейинки синоними болушу мүмкүн (мисалы, «чоң», «жакшы»); каалаган текстти алыңыз (*кат, кулактандыруу, арыз, макала* ж. б.) жана сөздүктүн жардамы менен тексттин мааниси жабыркабагандай кылып, андагы сөздөрдү тиешелүү синонимдерге алмаштырганга аракет кылып көрүңүз.<br>**5-вариант.** Көбүнчө ырларды жана прозаны, үзүндүлөрдү, афоризмдерди, макалдарды, лакаптарды ж. б. жаттаганга үйрөтүү. Жазылган текстти көп жолу угуу менен, бардык тексттерди жаттоо абдан натыйжалуу болуп саналат. |

## Үлгү



# 9. ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. *Абдухамидова Б. ж. б.* Адабий окуу, 2-класс. – Б.: «Принт Экспресс», 2016.
2. *Абдухамидова Б. ж. б.* Адабий окуу, 3-класс. – Б.: «Принт Экспресс», 2016.
3. *Абдухамидова Б. ж. б.* Адабий окуу, 4-класс. – Б.: «Принт Экспресс», 2016.
4. *Би Х.* Развитие ребёнка, 9-е изд. – СПб: Питер, 2004. – С. 391–392, 379.
5. *Буг Дж.* Рождённый читать. Как подружить ребёнка с книгой. – М.: Альпина нон-фикшн, 2015. – 302 с.
6. Виммельбух: гениальная книга или выброшенные на ветер деньги? Сайт ЭСО BOOM// http://eco-boom.com/vimmelbuh-genialnaya-kniga-ili-vybroshennye-na-veter-dengi/.
7. *Дворяк М. И.* Особенности изучения фразеологических единиц русского языка в начальной школе. Vivatacademia.Доступно:http://academicon.ru/publ/filologija/dvorjak_m_i_osobennosti_izuchenija_frazeologicheskikh_edinic_russkogo_jazyka_v_nachalnoj_shkole/5-1-0-212
8. *Дэвис Б.* День, когда я встретил кита. – СПб.: Поляндрия, 2015. – 26 с.
9. *Елизарова Е. Р.* Как оценить словарный запас современного школьника: содержание и технология констатирующего эксперимента// Международный студенческий научный вестник. – 2015. – № 5 (часть 1)// Доступно: http://www.eduherald.ru/ru/article/view?id=12703 (Дата обращения: 18.08.2017).
10. *Зегебарт Г. М.* Учение без мучения. Коррекция дисграфии. Словарные слова. – М.: Издательство «Генезис», 2007. – 40 с.
11. *Зеликова Н. В., Чувилова С. В.* Работа со словарями в начальной школе. Открытый урок. Первое сентября. Доступно: http://festival.1september.ru/articles/582806/. 03.08.2017.
12. *Зикеев А. Г.* Работа над лексикой в начальных классах специальных (коррекционных) школ. – М.: Издательский центр «Академия», 2002. – 176 с.
13. *Лемов Д.* Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2016. – С 348.
14. *Саскинд Дана*, Тридцать миллионов слов: развиваем мозг малыша, просто беседуя с ним». – М.: Манн, Иванов и Фарбер, 2016.
15. *Токтомаметов А.* Адабий окуу, 2-класс. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2014.
16. *Токтомаметов А.* Адабий окуу, 3-класс. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2014.
17. *Токтомаметов А.* Адабий окуу, 4-класс. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2015.
18. *Толстова В. Г.* Обогащение словарного запаса младших школьников // Молодой учёный. – 2014. – №7. – С. 565–567.
19. *Узорова О. В., Нефёдова Е. А.* Новый дневник юного читателя. – М.: АСТ, 2016. – 64 с.
20. Фразеологиялык сөздүк. Түзүүчү – Мусаева В. – Б.: Кыргыз энциклопедиясы, 2016. – 112 б.
21. Children with language difficulties in primary school. Good practice guide, National Educational Psychological Service, 2015, page 4–5

22. Using Big Books and Predictable Books by Priscilla Lynch. Copyright © 1996, 2008 Scholastic Canada Ltd.
23. https://ru.wikipedia.org
24. http://festival.1september.ru/articles/582806/. Работа со словарями в начальной школе. Зеликова Нина Васильевна, Чувилова Светлана Викторовна, учителя начальных классов.
25. readingrockets.org: Barton & Booth, 1990, Dyson&Genishi, 1994, Gambrell&Almasi, 1996.
26. https://rechrebenka.ru/kak-uvelichit-slovarnyj-zapas-rebenka-4-prostyh-rekomendatsii
27. http://eco-boom.com/vimmelbuh-genialnaya-kniga-ili-vybroshennye-na-veter-dengi/
28. http://www.readingrockets.org/strategies/word_walls
29. http://www.k12reader.com/10-great-word-wall-strategies-for-classrooms/
30. http://nsportal.ru/nachalnaya-shkola/chtenie/2012/11/27/razvitie-rechi-na-urokakh-literaturnogo-chteniya-v-nachalnoy
31. http://videotutor-rusyaz.ru/uchenikam/testy-i-upragneniya/327-vyrazitelnyesredstvaleksikiupragneniyaitest.html
32. Http://studopedia.ru/1_129672_metodika-izucheniya-frazeologii-v-shkole.html
33. http://nsportal.ru/nachalnaya-shkola/russkii-yazyk/2015/01/31/izuchenie-frazeologizmov-na-urokakh-russkogo-yazyka-v

# 10. ТИРКЕМЕЛЕР

## 1-ТИРКЕМЕ. «СӨЗ» ГРАФИКАЛЫК УЮШТУРГУЧУ

Сөз ____________

Иллюстрация

Сөздүн мааниси ____________

Багыттама жардам ____________

Синоним

Антоним

Сүйлөмдөр

1 ____________

2 ____________



## 2-ТИРКЕМЕ. ФОРМА «ЗНАЧЕНИЕ СЛОВА»

| | 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|---|
| | Мен бул сөздү билем, аны кебимде же жазууда колдоно алам | Мен бул сөздү уккам же көргөм, бирок маанисин билбейм | Мен бул сөздүн маанисин билбейм жана эч качан уккан эмесмин |
| 1-сөз | | | |
| 2-сөз | | | |
| 2-сөз | | | |
| 2-сөз | | | |
| 2-сөз | | | |